Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

# Эркин-Тоо

Жума,
2025-жылдын
14-ноябры

№90 (3746)

www.erkin-too.kg

## ПРЕЗИДЕНТТИН ТАЛАСКА БОЛГОН ИШ САПАРЫ




***Президент Садыр Жапаров Талас облусуна болгон иш сапарынын жүрүшүндө аны өнүктүрүү пландары менен таанышып, аймактын социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрү жана жергиликтүү калктын жашоо шартын жакшыртууга багытталган долбоорлордун ишке ашырылышы тууралуу маалымат алды.***

Президенттин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Эрмат Жумаев үстүбүздөгү жылы асфальт-бетон, темир-бетон жана таш майдалоочу заводдор курулганын билдирди. Ошондой эле жакынкы жылдары төө буурчакты кайра иштетүүчү экспортко багытталган завод куруу пландаштырылууда. Облустун инфраструктурасын жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын Турукташтыруу фондунан 1 млрд сом бөлүнгөн. Талас шаарында 28,5 км ички жолго асфальт төшөлүп, 54 км тротуар курулган.

Мындан сырткары Президент Талас облусуна болгон иш сапарынын алкагында Талас шаарындагы "Баластан" балдардын оюн-зоок борборунун курулушуна мезгил курусун салуу аземине катышты. 6,5 га аянтка жайгашкан объект 2026-жылы пайдаланууга берилет. "Баластан" борборунда аттракциондор, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн атайын оюн зоналары, заманбап кинотеатр, конгресс-зал жана коомдук тамактануу жайлары курулмакчы. Объекттин курулушу 200дөн ашуун жаңы жумуш орундарын түзөт.

Садыр Жапаров өз сөзүндө мамлекеттин башкы максаты – ар бир балага татыктуу балалык тартуулоо экенин өзгөчө белгиледи. Балдар бейкапар ойноп, ээн-эркин өскөн чөйрөдө гана өз алдынча ой жүгүртүүсү калыптанып, акыл-эси, рухани дүйнөсү, чыгармачылыгы жакшы өнүгөт. "Ошондуктан бул борбор, буюрса, жөн эле оюн-зоок жайы эмес, таалим-тарбиянын, өнүгүүнүн жана кубанычтын борбору болуп калат" - деди.



## КЫРГЫЗ-КАЗАК ӨКМӨТТӨР АРАЛЫК КЕҢЕШИНИН ЖЫЙЫНЫ

***Астана шаарында Кыргыз Республикасы менен Казакстан Республикасынын Өкмөттөр аралык кеңешинин 13-жыйынынын тар курамдагы жолугушуусу болуп өттү.***

Жыйын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасы – Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Жетекчиси Адылбек Касымалиев жана Казакстан Республикасынын Премьер-министри Олжас Бектеновдун төрагалыгы астында өттү. Жолугушууда эки мамлекеттин Президенттери Садыр Жапаров менен Касым-Жомарт Токаевдин буга чейинки жогорку деңгээлдеги жолугушууларынын жыйынтыгында кол коюлган маанилүү документтер, анын ичинде 2025–2027-жылдарга кызматташуу боюнча комплекстүү План жана 2030-жылга чейин товар жүгүртүүнү көбөйтүү боюнча Жол картасынын ишке ашырылышы тууралуу сүйлөшүштү. Тараптар соода-экономикалык, суу-энергетикалык, маданий-гуманитардык жана башка тармактардагы кызматташуунун актуалдуу маселелерин да карашты.

## БАКТЫБЕК БЕКБОЛОТОВ МЕНЕН САММАН ТАПА ЖОЛУГУШТУ

***Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы Бактыбек Бекболотов ЮНИСЕФтин Кыргызстандагы өкүлү Самман Тапа менен жолугушту.***



Жолугушуунун жүрүшүндө Бактыбек Бекболотов Ирак жана Сирия лагерлериндеги балдарды жана аялдарды кайтарып келүү боюнча миссиялар олуттуу ресурстарды, координацияланган аракеттерди жана жогорку деңгээлдеги жоопкерчиликти талап кылганын белгиледи. Аларды ишке ашыруу эл аралык өнөктөштөрдүн колдоосунун аркасында мүмкүн болду, алардын ичинде ЮНИСЕФ башкы ролду аткарды.

"ЮНИСЕФтин балдардын укуктарын коргоо жаатындагы тажрыйбасы зор жана биз үчүн өтө маанилүү. ЮНИСЕФтин чыр-чатак зоналарынан кайтып келген балдарды жана аялдарды стигматизациялоонун жана басмырлоонун алдын алууга көмөктөшүүгө даярдыгын өзгөчө баалайбыз"- деп сөзүн жыйынтыктады Бактыбек Бекболотов.

## КЫРГЫЗСТАНДЫН ӨКҮЛҮ ЖККУнун БАШКЫ КАТЧЫЛЫГЫНА СУНУШТАЛАТ

***27-ноябрда Бишкекте өтө турган Жамааттык коопсуздук келишим уюмунун (ЖККУ) саммити азыркы геосаясий кырдаалда аймактык туруктуулукту сактоо, террордук мүнөздөгү коркунучтарды жана экстремизмдин көрүнүштөрүн нейтралдаштыруу маселелеринде өз ара аракеттенүүнү өркүндөтүүгө багытталат.***

Саммитте эл аралык жана аймактык коопсуздуктун актуалдуу көйгөйлөрүнүн кеңири спектрин талкуулоо жана уюмдун ишмердүүлүгүнүн негизги жыйынтыктарын чыгаруу пландалууда.

Бишкектеги саммитте ЖККУга төрагалык Кыргызстандан Россияга өтөт. Ага ылайык, россиялык тарап алдыдагы мезгилге карата өзүнүн артыкчылыктарын сунуштайт.

Ошол эле учурда башкаруу органдарындагы жетекчилик курамды ротациялоонун белгиленген тартибине ылайык, Кыргызстан президенттердин бекитүүсүнө ЖККУнун башкы катчысы кызматына талапкерди сунуштайт.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

МАСЕЛЕ ЧЕЧИЛЕБИ?

# ЭТТИН БААСЫНА КӨЗӨМӨЛ БОЛБОЙ ЖАТАТ



***Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин Төрагасы Камчыбек Ташиев Кыргызстанда азык-түлүктүн баасын жөнгө салуу боюнча Министрлер Кабинети кабыл алган чечимдер аткарылбай жатканын билдирди. Ал айрыкча эттин баасына коюлган 90 күндүк көзөмөл аткарылбаганына нааразы болду.***

Атайын кызматтын жетекчиси Region телеканалы аркылуу элге жасаган кайрылуусунда, 4-5 күн айыл аймактарды кыдырып келип ушундай жыйынтык чыгарганын билдирди. Тилекке каршы, өкмөттүк көзөмөлдүн коюлганына карабай эттин баасы айрым жерлерде 800-900 сомго чейин кымбаттап кеткенин айткан Камчыбек Ташиев, "Этти дүңүнөн саткандар 450-500 сомдон сатат экен. Ал эми ортодогу чайкоочулар эки эсеге чейин кошуп жиберет экен. Ошондуктан биз бааны көзөмөлдөшүбүз керек. Этти 450-500 сомдон алгандар ага 50 сом, ашып кетсе 100 сом кошуп 600 сомдон деле сатса болот. Бизде болсо 700дөн 900 сомго чейин чыгып кетип атыптыр", - деди.

Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы буга чейин эттин баасын аймактарга, шаарларга өз-өзүнчө коюп, бир кг эттин баасын 620-690 сомго чейин деп белгилеген. 11-августтан тарта ошол баадан ашырбоо талабы коюлган жана ким чечимди аткарбаса жазаланарын билдирген. Бирок, андан бери эки айдан ашык убакыт өтсө да Өкмөттүк көзөмөл такыр эле аткарылбаган жана эч ким бул үчүн жазалана элек. Ушул апта башында Экономика жана коммерция министрлиги Кыргызстанда эттин баасына убактылуу мамлекеттик жөнгө салуунун мөөнөтүн 2025-жылдын 31-декабрына чейин дагы узарткан. Бирок, бул буйрукка да эч бир эт сатуучу көңүл бурбагандай сезилет.

Андыктан Камчыбек Ташиев, мындан ары азык-түлүк, анын ичинде эттин баасына Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы жана жергиликтүү бийлик – Президенттин облустардагы өкүлү, мэр, акимдер жооп берип, көзөмөлгө алышы керектигин айтты. Болбосо чара көрүлөрүн эскертти. Эттин баасын түшүрүү үчүн Кыргыз өкмөтү бодо малды жана майда жандыктарды Кыргызстандан сыртка ташып чыгууга да убактылуу тыюу салган жайы да бар. Бирок, бул кадам да элге керектүү азыктын баасын төмөндөтө алган жок.

11-августта эттин баасына көзөмөл киргизилгенде "Эркин-Тоо" гезитинин кабарчылары борбор шаардагы базарлардын эт саткан жайларына барып, сурамжылоо жүргүзгөн. Анда эт сатуучулар – тыюу салуулар, көзөмөл да бааны арзандата албай тургандыгын айтышкан. Чын эле эч бир чечим, тыюу салуу бааны арзандата албады. Эми УКМК Төрагасынын көзөмөлүнө алынган баа төмөндөйт чыгар?!

**Жазгүл БЕКБОЛСУН кызы**

КҮНДҮН СОБОЛУ

## Мамлекеттик башкаруу илимдеринин доктору, профессор Досаалы ИМАНБЕРДИЕВ:

# "КУРУЛТАЙ – ДЕМОКРАТИЯЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН ТУРУКТУУ ИНСТИТУТУ БОЛУП КАЛА АЛАТ"

**- Досаалы мырза, азыр декабрь айында боло турган кезектеги Курултайга делегаттарды тандоо жүрүп жатат. Дал ушул убакта дайыма Курултай тууралуу көп сөз болот. Бул маселе боюнча сиздин оюңуз кандай? Курултай өз максатына жетип жатабы?**

- Элдик Курултай конституциялык мамлекеттик орган катары бекитилгенден тарта мен делегаттарды тандоо иштерине катышып келем. Андыктан маселени ичтен билем. Жалпылап алганда Курултай өз максатына жетип, айтылган сунуштардын бир тобу аткарылууда. Айрыкча, Президент түз тапшырган иштер өз убагында аткарылып жатат. Бирок, мүчүлүштүктөр жок эмес. Курултай бул – байыртадан бери кыргыз элинин салттуу башкаруу институту болуп келген. Эми Кыргызстандын миң жылдык башкаруу салттарын заманбап мамлекеттик башкаруу системасына интеграциялоо аракети жүрүп жатат деп билсек болот. Бул аракетти тынбай жүргүзө берсек, ал өз милдетин толук аткара аларынан шек жок. 2025-жылдын декабрь айында боло турган Курултай, институтту формалдуулуктан чыныгы иштей турган механизмге айлантуунун чечүүчү этабы болуп саналат. Ошондуктан, кезектеги Курултайда анын мыйзамдуулугун дагы да бекемдеп алуу зарыл. Азыр маселе Курултайдын бар же жок эместигинде эмес, аны кантип натыйжалуу, легитимдүү жана коррупциялык тобокелдиктерсиз институт катары иштетүүдө болуп турат. Математика илиминде бир теореманы далилдеш же маселени чыгарыш үчүн "зарыл жана жетишерлик шарттары" болушу зарыл деген формула иштейт. Курултайды да ишке ашырып, анын келечегин бекемдеш үчүн зарыл жана жетишерлик шарттары кынтыксыз иштеши керек. "Зарыл шарттары" болуп – бул Курултайдын укуктук базасы эсептелет. Ал албетте аныкталды. Эми, жетишерлик шарттарын белгилеп алуу кажет. Алар Курултайдын чечимдерин ишке ашыруудагы процедуралык жана аткаруу шарттары. Мүчүлүштүктөр дал ушул жерден кетип жатат. Курултайдын иштөөчү механизмге айлантуу үчүн, алгач ага тоскоол болгон негизги ички жана тышкы чакырыктарды аныктоо зарыл. Алардын негизгиси укуктук чакырык. Курултайдын чыгарган резолюциялары жана сунуштары юридикалык жактан мыйзамдык күчүнө ээ эместиги маселе жаратууда. Алар сунуш гана болуп эсептелип келет. Өкмөт же Парламент ал сунуштарды карап чыгууга милдеттүү, бирок аткарууга милдеттүү эмес. Курултайдын ишин уюштуруу, делегаттарды каттоо, Курултайды чакыруу жана анын күн тартибин бекитүү аткаруу бийлигинин көзөмөлүндө, эгер Курултай Аткаруу бийлигине жакпаган курч маселелерди көтөрсө, Аткаруу бийлиги процедуралык же уюштуруучулук тоскоолдуктарды жаратып, Курултайдын ишин чектей алат. Дагы бир кызык, Курултайдын чечимдери аткарылбай калса, эч ким жоопкерчилик тартпайт. Курултай элдин чоң үмүтү менен өтөт, бирок анын сунуштары кагаз жүзүндө кала берсе, эл мамлекеттик институттарга болгон ишенимин жоготот. Бирден-бир тоскоолдук бул – Аткаруу бийлиги Курултайдын сунуштарын эске албай же аткарылышын созуп коюшу болууда. Байкап көрсөк, Курултайда баары маселесин Президентке айтып, тапшырманы Президентке берүүдө. А бирок, ишти Аткаруу бийлиги аткаруусу керек да. Мисалы, делегаттарды тандоо механизминде да мүчүлүштүктөр бар. Делегаттарда чыныгы коомдун катмарынын эмес, айрым топтордун же саясий кландардын



кызыкчылыгын чагылдыруу тобокелдиги пайда болду. Мындай абал түзүлбөшү үчүн делегаттар билимдүү, акылдуу жана жигердүү болушу керек. Аларды тандоо эркин болушу зарыл.

**- Мүчүлүштүктөрдү жоюуга мүмкүнбү? Сиз кандай сунуштарды бере аласыз?**

- Курултай элдик бийликтин институту болушу үчүн адегенде эле укуктук жана отчеттуулук механизмин чыңдашыбыз керек. Сунуштардын аткарылышына мониторинг кылуу зарылчылыгы келип чыкты. Курултай кабыл алган резолюцияларды жана сунуштарды аткаруучу органдар карап чыгууга милдеттүү болушу керек да, жооп берүүгө милдеттендирүү зарыл. Отчёт берүү процессин түзүү зарыл. Кийинки өткөрүлө турган Курултайга чейин, Өкмөт жана Жогорку Кеңеш Курултайдын кайсы сунуштары аткарылды, кайсынысы эмне үчүн аткарылган жок деген суроо боюнча расмий, ачык отчет бериши керек. Бул Курултайдын легитимдүүлүгүн жана маанисин жогорулатат.

Экинчиси, бул – делегаттарды тандоону санариптештирүү жана ачыктыкты сактоо. Делегаттарды тандоо процессинин бардык этаптары онлайн форматта өтүп, коомдук байкоочулар үчүн ачык болушу керек. Бул ар түрдүү коррупциялык тобокелдиктерди жана саясий манипуляцияны азайтат. Кийинкиси – тең салмактуулук. Ал – делегаттардын курамында жаш курак, гендердик жана региондук тең салмактуулукту сактоо. Мындан тышкары, алардын арасында жарандык коомдун, илимдин жана бизнес-коомчулуктун өкүлдөрү болушун камсыздоо.

Ички кызматташтыкты жана интеграцияны жогорулатуу да маанилүү. Мында, Курултай жана Жогорку Кеңештин диалогу каралат. Курултайдын туруктуу иштей турган органы (мисалы, Кеңеши же Курултайдын Катчылыгы) Жогорку Кеңештин тиешелүү комитеттери менен үзгүлтүксүз байланышта болушу керек. Курултайдын маанилүү сунуштарын мыйзам долбоору катары биринчи кезекте кароого милдеттендирүү зарыл.

2025-жылдын декабрь айындагы Курултай – Кыргыз Республикасынын элдик бийлик салттарын калыбына келтирүүдөгү жана Уңгу жолубузду жүзөгө ашыруунун чоң мүмкүнчүлүгү. Эгерде бул маселелер чечилсе, Курултай – Кыргызстандын демократиялык өнүгүүсүнүн туруктуу жана натыйжалуу институту болуп кала алат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**

САНАРИП ДООРУНДА

# КРИПТОВАЛЮТА ЖАҢЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРДҮ АЧАБЫ?

***Өткөн жумада виртуалдык активдерди жана блокчейн технологияларын өнүктүрүү боюнча улуттук кеңеш болуп, ага Мамлекет Башчысы С.Жапаров, Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.Касымалиев, УКМК Төрагасы К.Ташиев ж.б. тиешелүү жетекчилер катышты. Анда криптовалюта жана блокчейн технологиялары кеңири талкууланды.***




Эч ким жокко чыгара албайт, азыркы учурда финансы системаларын санариптештирүү глобалдык өнүгүүнүн негизги багыттарынын бири болуп калды. Көптөгөн мамлекеттер виртуалдык активдерди жөнгө салуу үчүн стратегиялык ыкмаларды иштеп чыгууда, борбордук банктардын санариптик валюталарын киргизүүдө, реалдуу активдер менен камсыздалган стейблкоиндерди жана токендерди түзүүдө. Бул процесстер мындан ары технологиялык эксперимент болбой, жаңы экономикалык моделдин туруктуу элементтерине айланып баратат. Кыргыз Республикасы чөлкөмдөгү виртуалдык активдер жөнүндө мыйзам кабыл алынган жана бул жаатта ырааттуу мамлекеттик саясат жүргүзүп жаткан саналуу өлкөлөрдүн бири болууда. Өлкөдө виртуалдык активдер рыногу активдүү түрдө калыптанууда, лицензияланган катышуучулардын саны өсүүдө. Бул темпти биз мындан ары өркүндөтүшүбүз керек.

Президент Садыр Жапаров Виртуалдык активдерди жана блокчейн технологияларын өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин экинчи жыйынында биздин өлкө криптовалюталарды кабыл алуу боюнча глобалдык индексте 19-орунда турганын белгилеп, Борбор Азияда ишенимдүү түрдө алдыда бара жатканын айтты.

"Кыргыз Республикасы криптовалюталарды кабыл алуу боюнча глобалдык индексте 19-орунда турат жана Борбор Азияда ишенимдүү түрдө алдыда бара жатат.

Бул коомдун санариптик чечимдерди кабыл алуу деңгээлинин жогору экендигин билдирет. Бирок бул бизге олуттуу жоопкерчилик жүктөйт. Бул жагынан алганда, Улуттук кеңешти түзүү салмактуу жана талап кылынган чечимдердин зарылдыгынан улам логикалык кадам болуп калды. Кеңештин алкагында мамлекеттик органдардын, эксперттердин жана эл аралык өнөктөштөрдүн мүмкүнчүлүктөрү бириктирилген. Анын ишине дүйнөлүк деңгээлдеги кесипкөйлөрдүн, анын ичинде Binance крипто экосистемасынын негиздөөчүсү Чанпэн Чжаонун катышуусу эң мыкты жөнгө салуучу жана технологиялык тажрыйбаларга жетүүгө жол ачат" деди Президент.

Ачыгын айтсак, бүгүн блокчейн келечектин абстракттуу элеси эмес, экономиканы, мамлекеттик башкарууну жана социалдык чөйрөнү түп-тамырынан бери өзгөртүүгө жөндөмдүү кубаттуу курал болууда. Демек, технологияны жөн эле колдонбой, бул процесстин алдыңкы сабында болуу менен жаңы санариптик реалдуулукта өлкөнүн экономикасынын алдыңкы орунга чыгышын камсыз кылуу зарыл. Маселен, блокчейн жана жасалма интеллект менен жаңы жогорку технологиялуу өндүрүштөрдү жана жумуш орундарын түзсө болот.

### Криптовалюта деген эмне?

Криптовалюта – бул санариптик валюта. Жөнөкөйлөтүп айтканда, бул компьютердеги электрондук акча. Анын бирдиги – «коин». Криптовалютанын өзү татаал коддордон турган санариптик маалыматтар. Аны интернет тармагынан табуу үчүн атайын алгоритмдерди эсептеп чыгып, тыйынды табууга болот. Тыйын табылып сизге таандык болгон учурда ал блокчейнге криптовалюта сакталуучу жеке капчыкка түшөт. Муну менен атайын программа менен жабдылган жана кубаттуу компьютери бар ар бир каалоочу колдонуп, криптовалютаны издей алат. Криптовалюта боюнча иш алып барган компаниялар аларды интернет тармагына коё берип турат.

Биткоинден башка лайткоин, нубитс, нэймкойн, пиркоин, рипл жана башка криптовалюталар бар. 2010-жылы биткоинди биржалык фонддордун бири кадимки акчага которуп, трейдерлердин кызыгуусун жараткан. Ошондон бери биткоиндин баасы көтөрүлүүдө. Ал эми электрондук акчанын реалдуу товар менен алмашуусу 2010-жылы май айында катталган. Бүгүнкү күндө кээ бир өлкөлөрдө криптовалюталарды банкоматтарда кадимки акчага алмаштырууга мүмкүн. Ошондой эле интернет-дүкөндөр, кызмат төлөмдөрдү биткоин аркылуу төлөө ишке ашырыла баштады.

Айтор, криптовалюта рыногу ээжаа бербей, тез өсүүдө. Күн алыс жаңы криптовалюта жаралып, эскисин рыноктон кетирүүдө. Ар бир жаңы криптовалюта рынокко чоң ийгилик жаратуу убадасы менен чыгып, аны арзан кезинде сатып алгандар тез арада байыйт. Айрым онлайн валюталары бир нече айга жетпей өчүп калат. Айрымдары биткоиндей болуп, феноменге айланат. Кандай болгон күндө да, криптовалюта - финансы жана технология тармактарына ири өзгөрүүлөрдү алып келүүдө.

### Криптовалюталардын артыкчылыктары эмнеде?

Банктардан көз карандылык жок. Биринчиси, сенин акчаң банктардан жана өкмөттөрдөн көз каранды болбойт, бул сага аны кантип колдонууда көбүрөөк эркиндикти берет. Кадимки банктык которуулардагыдай эле, сен дүйнөнүн каалаган бурчуна жогорку комиссияларды төлөбөстөн, же бир нече күн күтпөстөн акча жөнөтө аласың. Экинчиси, криптовалюталар маалыматтарды коргоо үчүн татаал криптографиялык алгоритмдерди колдонушат. Бул ар бир транзакция шифрленген жана уруксатсыз кирүүдөн корголгон дегенди билдирет. Мындан тышкары, блокчейн менен ар бир транзакция ачык-айкын жана өзгөрүлгүс болот. Бул алдамчылык же каражаттарды эки жолу колдонуу/чыгымдоо мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарат. Үчүнчү артыкчылыгы транзакциялардын ылдамдыгы. Салттуу банктык которуулар, айрыкча эл аралык которуулар жөнүндө сөз болгондо, бир нече күн талап кылышы мүмкүн. Криптовалюта операциялары бир нече мүнөттүн ичинде бүтөт. Бул тез арада чет өлкөгө акча которуу же онлайн сатып алуу үчүн төлөө керек болгондо өзгөчө ыңгайлуу. Төртүнчүсү, төмөн комиссиялар. Анткени, криптовалюталар төмөн комиссияларды сунушташат. Банктар жана төлөм системалары, өзгөчө эл аралык которуулар үчүн олуттуу суммаларды алышат. Криптовалюталар менен бул төлөмдөр минималдуу жана кээде жок болуп, аларды колдонуучулар үчүн жагымдуураак кылат. Бешинчиси, инвестициялык мүмкүнчүлүк. Көптөгөн адамдар криптовалюталарды аманаттарын өстүрүүнүн бир жолу катары көрүшөт. Мисалы, акыркы бир нече жылда биткоиндин баасы бир топ көтөрүлүп, башында акча салгандар олуттуу кирешеге жетишти.

### Криптовалюталардын тобокелдиктери жана кемчиликтери кандай?

Бардык артыкчылыктарга карабастан, криптовалюталардын да кемчиликтери жана тобокелдиктери бар. Маселен баанын өйдө-төмөн болушу. Эң маанилүүлөрүнүн бири – туруксуздук. Криптовалюталардын наркы кыска убакыттын ичинде кескин өзгөрүшү мүмкүн. Мисалы, биткоиндин баасы бир күндө эле бир нече миң долларга көтөрүлүп же төмөндөп кетиши мүмкүн. Бул криптовалюталарды алып-сатарлар үчүн жагымдуу кылат, бирок ошол эле учурда катардагы колдонуучулар жана инвесторлор үчүн тобокелдиктерди жаратат. Ошондой эле толук кандуу түшүнүктүн жоктугу. Мындан тышкары, криптовалюталар дагы эле салыштырмалуу жаңы жана жетишсиз изилденген бойдон калууда. Бул көптөгөн адамдардын жана компаниялардын анын кантип иштешин толук түшүнбөй калышына алып келет. Мисалы, сыр сөзүңдү унутуп же ал сакталган түзмөктү жоготуп алсаң криптовалюталар капчыгына кирүү мүмкүнчүлүгүн жоготуп алуу коркунучу бар. Банктардан айырмаланып, криптовалюталарда каражаттарга жетүүнү калыбына келтирүүгө жардам бере турган колдоо тобу жок. Дагы бир коркунуч жөнгө салуу менен байланыштуу. Ар кайсы өлкөлөр криптовалюталарга ар кандай мамиле кылышат. Кээ бир мамлекеттер аларды салттуу каржы системасы үчүн коркунуч деп эсептеп, пайдаланууга толугу менен тыюу салышат. Ошондой эле коопсуздук коркунучтарын эске алуу зарыл. Блокчейн ишенимдүү технология деп саналса да, криптовалюта капчыктары жана биржалары көбүнчө хакерлердин бутасына алынат. Чоң көлөмдүү бузуулар буга чейин миллиондогон доллардардын жоголушуна алып келген, атүгүл эң коопсуз системалар да аялуу болушу мүмкүн. Ошондуктан, криптовалюталык активдериндин коопсуздугуна көңүл буруу өтө маанилүү.

### Криптовалюталарды өнүктүрүүнүн келечеги барбы?

Бардык тобокелдиктерге карабастан, көптөгөн серепчилер криптовалюталар келечектүү деп эсептешет. Алар транзакцияларды жүргүзүүнүн тез, арзан жана коопсуз жолдорун сунуштап, дүйнөлүк каржы системасынын ажырагыс бөлүгү болуп калышы мүмкүн. Мындан тышкары, блокчейн жана смарт-келишимдер сыяктуу технологияларды өнүктүрүү каржы секторун гана эмес, экономиканын башка секторлорун да өзгөртө турган жаңы тиркемелерди жана кызматтарды түзүүгө алып келиши мүмкүн. Мисалы, борбордон ажыратылган каржылык тиркемелер (DeFi) азыртан эле жигердүү өнүгүп келе жатат жана колдонуучуларга кредиттөөдөн соодага чейин кеңири кызматтарды сунуштайт.



Экономист Улукман Мамытов:

– Азыр дүйнө жүзүндө криптовалюта популярдуулукка ээ болуп, өсүп-өнүгүүдө. Анткени криптовалютаны инструмент катары колдонууга да ыктап жатышат, анын жардамы менен көп акча каражатын табуу мүмкүнчүлүгү бар. Ал үчүн туура чечим, принциптерди түшүнгөн кадрлар болушу шарт. Рыноктук мамилеге карап, кадр даярдоо маселесин чечсе болот. Университеттерди каржылап, криптовалюта жана блокчейн боюнча IT адистерин даярдоо керек. Глобалдык экономика, глобалдык финансылык система кризиске жакындап калды. Ошондуктан алтындын баасы жогорулап жатат, бул ошол кризистен кабар берет. Эгерде финансылык система ошондой кризиске кирсе, анда инструмент катары алтын менен эле криптовалюта калат. Демек, криптовалютанын азыр потенциалы жогорулап баратат. Бирок өтө этияттык менен, абайлап мамиле кылыш керек. Мунун глобалдык тобокелчиликтери чоң.



Жарандык активист Тимур Саралаев:

– 2021-жылга чейин Кыргызстан туруктуу өнүгөт, заводдор ачылат, жылына жүздөгөн мектептер курулат, миңдеген чакырым жолдорго асфальт басылат, "Кумтөрдү" кайра мамлекетке кайтарабыз, "Камбар Ата 1" сыяктуу кубаттуулугу жогоруу ГЭСтердин курулушу башталат, "Кытай–Кыргызстан–Өзбекстан" темир жолу башталат, мамлекеттин экономикасы туруктуу өсүүгө боюнча КМШ өлкөлөрдүн арасында лидерге айланабыз деген жаңылыктарды окуу эмес, кыялдануу дагы мүмкүн эмес болчу. Мындай позитивдердин ордуна – "Кыргызстан карыз сурады", "Кыргызстан эң жакыр өлкөлөрдүн катарында көрсөткүчү дагы төмөндөдү", "мектеп курганга акча жок, чатырда чыдап окуп тургула", "Нарында контейнерден мектеп ачылды", "Кыргызгаз" 1 долларга сатылды", "ТЭЦке келген 386 миллион доллардын 111 миллион доллары уурдалды", "Тарых музейге сатылып алынган экспонаттардын баасы 10 эсе кымбат көрсөтүлгөн" деген гана жаңылыктарды окуйт элек. 2021-жылдан кийин акырындап башталган өнүгүү темпи, эми жогорку ылдамдык менен күчтөнүү алды. Азыр биз күн сайын өлкөбүздүн өнүгүүсү тууралуу жагымдуу жаңылыктарды окуп жатабыз. Кытай басылмаларында "Кыргызстан – Борбор Азиядагы крипто лидер" деген маалыматтар басылып, криптовалюта жана блокчейн технологияларын өнүктүрүү боюнча биздин өлкө Борбор Азияда алдыңкы орунга чыкты. Бул чоң ийгилик.

**Зулпукаар САПАНОВ**


Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

ТАЛАШТАН ТАКТЫК ЖАРАЛАТ

## Кыргызстан эл аралык университетиндеги Этнология институтунун директору, тарых илимдеринин кандидаты Табылды АКЕРОВ:

# "КОЗОДОЙ КЫРГЫЗ ЦИВИЛИЗАЦИЯСЫН ТЕОРИЯЛЫК ЖАКТАН БЕКЕМДЕП ЖАЗДЫ"






***Акыркы учурда орус тарыхчысы Виктор Иванович Козодойдун кыргыз тарыхын изилдеген эмгеги боюнча окумуштуулар арасында талаш-тартыш жүрүп жатканы маалым. Ал тургай тарыхчылардын талашы саясат жыттанып, идеологиялык карама-каршылыкты жаратканга чейин жетүүдө. Негизи илимпоздордун арасындагы талаштар жалпы коомго чыкпай, академиялык аудиторияларда, конференцияларда чечилиши керек болчу. Негедир В.Козодойдун изилдөөсү такыр башка өңүткө бурулуп кетти. Мына ушунун чоо-жайын билүү үчүн орус тарыхчысын жакындан тааныган агабыз, тарыхчы Табылды Акеровго кайрылдык.***

**– Табылды ага, сизди акыркы мезгилде коомчулукка чуу жараткан орусиялык тарыхчы В.И.Козодой менен жакшы тааныш дешет. Аны менен кандайча таанышып калганыңыз жөнүндө айтып берсеңиз?**

– Анын өзгөчө деле сыры жок. "Мурас" фондунда Султан Раевге орун басар болуп иштеп жүргөнүмдө Ю.С.Худяков, В.Я.Бутанаевдер улгайып калган. Алардын көзү өтүп кетсе, Орусия тараптан кыргыз тарыхын изилдей тургандай бирөөлөр болсун деген максатта В.В.Ушницкий (Якутия) жана Б.Моңгуш (Тува) менен иштеше баштагам. Кыргыздардын тарыхын изилдеген алардын китептерин бул жактан чыгарып беребиз деп келишкенбиз. Кийин В.В.Ушницкийдин китебин Бишкектен бастырып чыгарып бердим. Бирок, тилекке каршы Ушницкий да, Мунгуш да ковид-2019дун залалынан кайтыш болуп калышты. Анан саясат таануучу досум И.Шестаковго Орусиядан кыргыз тарыхын изилдей турган илимдин докторун таап берчи деп сурандым эле. Ал В.И.Козодой менен тааныштырды. Ошентип экөөбүз биргеликте иштеп калдык. Мен буга чейин «Усуни-кыргызы. Кыргызы на просторах Евразии» жана башка дагы 3-4 китеп жазып, кыргыздар менен скифтердин байланышы тууралуу да ойлорду камтыган элем. Бирок, бул китептерде В.В.Бартольддун кыргыздар алгач Енисейде жашагандыгы тууралуу теориясы чындыкка жакын экендигин айткам. Козодой менен ошол багытта ар бирибиз өз өзүнчө, эгер пикирлерибиз дал келишсе, кийинчерээк чогуу китеп жазабыз деп сүйлөштүк эле. Ал Иренекти жазып бүттү. Мен рецензент болдум. Китепти жазып жатканда мен Енисей кыргыздарынын тарыхына өтө кызыгып калдым. "Кыргыз цивилизациясы жөнүндө китеп жазсамбы" деп калды эле, мен аны колдодум. Биздин Президенттер дайыма "кыргыздар улуу көчмөн цивилизациясынын башатында турган" деп сүйлөй беришет. Бирок, илимий далил жагынан да өксүк бар дедим. Ошентип, Иренекти жазып, Кыргыз цивилизациясы боюнча китебин бүттү.

**– Бирок, профессор В.Козодойдун изилдөөлөрүнө аттуу-баштуу адамдардын, ал тургай тарыхчылар да карамандча каршы чыгып жатышты го. Мунун тамыры эмнеде?**

– Чынын айтсам, бул мыйзам ченемдүү эле көрүнүш. Кыргызстан бүгүн эгемендүү өлкө. Мисалы, бүгүн кыргыз коому батышчыл, мекенчил, орусиячыл, арабчыл, кытайчыл, түркчүл болуп, бир нече топторго бөлүнгөн. Адеп батышчылдар жактыра берген жок. Алар профессор В.Козодой өз ыктыяры менен жазып жаткан жок деп ишеним артышпады. Анан талаш ырбап кетти. Бирин-бири маскаралап, кемсинтүүгө да жол берилип жатты. Бул туура эмес деп ойлойм.

**– Негизи кыргызды изилдеп, тарыхтагы ордун көрсөтүп, даңазалап жаткан илимпозду колдоп-коштоп алышыбыз керек эле да. Каршы чыкканыбыз өтө осол иш болгон жокпу?**

– Албетте. Мен эң биринчилерден болуп бул туура эмес деп айтып чыктым. Тарыхты ким гана болбосун изилдей берсе болот. Ар бир окумуштуу кайсы элдин тарыхын изилдөөнү өзү билет, өзү чечет дегендей.

**– Козодойдун изилдөөсү түрк тилдүү мамлекеттерге каршы коюлган саясат дегенге чейин жеткендер болду, бул туурабы?**

– Ооба. Адеп эле батышчылдар менен кошо түркчүлдөр да профессор В.Козодойго каршы чыгышты, "Козодой биздин тарыхты изилдебей эле койсун" деп. Түркчүлдөрдүн бир тобу "ал түрк элдеринин ортосуна карама-каршылыктарды жаратканы жатат" десе, айрымдары "ал "Туран союзуна" каршы иштеп, түрк элдеринин ортосуна чок салууну көздөп жатат" деп чыгышты. Бирок, профессор Козодойдун да байма-бай жазган посттору буга себепкер болду деп ойлойм. Ал өзүнүн постторунда кыргыздарды хуннулар жана түрктөр менен эч байланышы жок деп жазып жатты. Анан бул ойду кайра-кайра кайталап, мындайча айтканда, кыргыз коомчулугуна таңуулоого аракеттенгендей болуп жазып жатты. Ошого анын бул аракеттерин коомдун бир бөлүгү жактырбай, ага каршы жазып жатты. Мындайча айтканда, Козодой тарыхчылардан биринчилерден болуп "кыргыздар хуннулар менен да, байыркы түрктөр менен да эч ымаласы жок" деп кесе жазган тарыхчы болуп калды. Ошондон улам ага каршы чыгуу күч алып кетти.

**– Ошондой эле Россиянын империалисттик идеологиясын жүргүзүүгө аракеттенүүдө дегендер да болду, буга эмне деп жооп бересиз?**

– Менимче, бул маселени өтө эле саясатташтырбашыбыз керек. Албетте, ар бир тарыхчы өз элинин жана мамлекетинин кызыкчылыгын эч убакта унутпайт. Ошондуктан, профессор В.Козодойдун кыргыздар хуннулар жана түрктөр менен байланышы жок деп жазып жатышы, бул анын жеке пикири. Эгер ачыгын айтсак, бул пикир анын бул проблемалар боюнча толук маалыматы жоктугун же ашепке кетип жаткандыгын көрсөтүп турат. Албетте, биз аны туура түшүнүшүбүз керек, ал биринчи кезекте орус мамлекетинин тарыхчысы. Бирок, тарых Бартольд, Акеров, Козодой же дагы башка бирөө жазган боюнча чектелип калбайт. Сөз жок текшерилет, жаңыдан изилденет, бышыкталат. Ошого мындан чоң проблема чыгаруунун кажети жок.

**– Ошондо сиз Козодойдун жогорудагы пикири "Туран союзуна же түрк дүйнөсүнө анчейин деле залал алып келбейт" деп жатасыз да, туурабы?**

– Өтө саясатташтырбай айтсак, кайсы бир деңгээлде десек болот, тана албайсың. Бирок, азырынча бул ойду Козодой эле айтып жатат. Анан калса, минтип айтыштын өзү туура эмес. Бул пикир тарыхый булактар менен тастыкталбайт. Ошого Козодойдун пикири мындан ары колго алынып, өөрчүп-өнүгүп кетиши өтө эле күмөндүү.

**– Бул жерде кыргыздын тарыхын таактоо маселесинде сырткы идеологиялардын тиреши тогошуп калган эмеспи? Биз үчүн ким болбосун кыргыздын тарыхын казып даңазаласа, ага сый көрсөтүшүбүз керек го?**

– Жок. Идеология жөнүндө сөз жок. Бул жерде Совет доорунда кыргыз тарыхын изилдөө үч чоң теориянын негизинде изилденип келген. Мисалы, Миллер, Бартольд, О.Караевдердин кыргыздарды Енисейден көчүп келген деген пикирди карманган Енисей теориясы. К.Петров, Мокрынин, А.Мокеевдердин Алтай теориясы. Анан Н.А.Аристов, Ч.Валихановдун кыргыздар эч кандай көчүп келген эмес, Тянь-Шандын эли деген Тянь-Шань теориясы. Албетте, талаш болбой койбойт да. Бирок, бул талаштар коомго чыкпай, академиялык аудиторияларда, конференцияларда чечилиш керек.

**– В.Козодой В.Бартольддун теориясын колдоп жатса, башка тарыхчылар менен тил табыша албай жатканы ошондон экен да. Анда ал Бартольддун теориясын бизге таңуулап жаткан жокпу?**

– Жок. Эгер СССР учурундагыдай болуп илимди саясатташтырышпаса, анда мурдагы окуялар кайталанбайт деп ойлойм. Биздин бийлик тарыхчылардын баарын эми Бартольддун теориясына өткүлө деп айталбайт деп ойлойм. Бирок, тарых үчүн айтып коюш керек, А.Абдыкалыков, А.Арзыматов ж.б. агайларды Енисей кыргыздары жөнүндө докторлук иштерин коргоого тыю салып, бул темада жаздырбай коюшканы белгилүү.

**– В.Козодой аракеттеги илимий изилдөөчү эмес, булак таануучу да, археолог да эмес экени айтылат. Анан кантип ал далилдерди келтирип жатат?**

– Совет доорунан бери эле дүйнөдө, СССРде тарых илимдери, өзгөчө түркология, түрк элдеринин тарыхын изилдөө эң күчтүү деп таанылган. Ошондуктан, биздин тарыхчылардын баары эле Совет мезгилиндеги тарых мектебинен билим алышкан. Эми Козодой кыргыз цивилизациясы жөнүндөгү маселени теориялык жактан бекемдеп жазды деп ойлойм. Кийинки илимпоздордун эмгектери мындан да тааcирдүү жана күчтүү болот деп ойлойм. Эң башкасы, анын эмгеги эми илимий чөйрө, өзгөчө орусиялык илимпоздор кабыл алып кетсе жакшы болот эле. Эгер ынанымдуу болбой калса, илимий чөйрө академик Кызласовдун теориясын колдобой койгондой эле колдобой коёт. Эгер мыкты жазса, анда бардык жеңиштер, мактоолор аныкы болот. Убакыт көрсөтөт.

**– Сиз эмнеге оюңузду өзгөрттүңүз?**

– Мен буга чейин эле бир топ изилдөөлөрдү жүргүзүп келгем. Буга чейин эле мен кыргыздар менен скифтердин байланышын жазгам. Акыркы мезгилде көп жаңы материалдар, изилдөөлөр пайда болду, ошого мен кыргыздардын сактар менен байланышын бышыктап чыгууну көздөдүм. Козодой кыргыздардын б.з.ч. 201 жылынан 1703 жылга чейинки тарыхын жазып жатат. Бирок, бүгүн орусиялык окумуштуулар менен кыргыз окумуштуулары биргеликте "Большой Алтай" деген долбоордун негизинде Алтай жана Тянь-Шань чөлкөмдөрүндө байыркы жана орто кылымдар тарыхы боюнча изилдөөлөрдү жүргүзүп жатышат. Мунун жыйынтыгында кыргыз тарыхынын дагы бир барагы толукталышы мүмкүн. Жакында Т.Чоротегиндин "профессор Ю.Тайшань об этнографических сведениях о древних кыргызах отраженных в труде "Му Тяньцзы Чуань" деген макаласы жарык көрдү. Анда кытай тарыхчысы Ю.Тайшань б.з.ч. Х кылымдарда Алтайда кыргыздардын ээлиги болгондугун жазган маалыматты талкуулайт. Окумуштуулар бул маалымат дагы текшерилиш керек дешет. Бирок, эгер бул чын болуп чыкса, анда кыргыз тарыхын кайрадан дагы бир жолу карап чыгышка туура келет. Аталган маалымат буга чейинки бардык теорияларды жок кылышы мүмкүн. Маалымат кыргыздар менен скиф-сактардын этникалык байланышын айгинелеп калышы мүмкүн. Ошондуктан, кызыктын баары али алдыда.

***Зулпукаар САПАНОВ***

КЫШКА КАМЫЛГА

# ЭНЕРГЕТИКТЕРГЕ КОЛДОО КЕРЕКПИ

## же Камчыбек Ташиевдин сөзүнөн кийин



Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Төрагасы Камчыбек Ташиев кыш мезгилинде Кыргызстанда электр энергиясын берүү үзгүлтүккө учурабашы керектигин билдирди. Бул тууралуу ал Нарын райондук электр тармактар ишканасынын жаңы имаратынын ачылыш аземинде айткан. Камчыбек Ташиев энергетика тармагы өлкө эгемендүүлүк алгандан бери кароосуз калып, иштен чыгуу алдында турганын, азыркы бийлик тутумду жаңылоо менен алпурушуп жаткандыгын баса белгилеп,“Мамлекетибизде электр тармагы боюнча Президентибиз койгон негизги тапшырмаларды аткара баштадыңар деп ойлойбуз. Кыш келе жатат. Быйыл суу аз. Бирок, ошого карабастан мамлекетте свет өчпөшү керек. Элдин жашоосуна оорчулук келтирилбеши керек. Мунун баары биздин энергетиктерге тапшырма”, - деген.

УКМК Төрагасы Камчыбек Ташиевдин бул сөзү карапайым калкка майдай эле жакты. Анткени, акыркы убакта саат-сааты менен жарык өчүрүүлөр катталып, күндүзү, түнү чектөөлөр киргизилип жаткан. Мындан улам эл электр жарыгы күзүндө эле өчө баштаса, кышта кантер экенбиз,- деп убайым тартып турган эле.

Ал эми Энергетика министрлиги 2 сааттык жана 8 сааттык өчүрүүлөрдү – чубалгыларды оңдоп-түзөө жана кышка даярдануу аракети менен түшүндүрүп келүүдө. Ал ортодо Таалайбек Ибраев да маектеринин биринде калкты электр энергиясын үнөмдүү пайдаланууга, айрым техникалык мүчүлүштүктөр менен авариялык өчүрүүлөргө түшүнүү менен карооого чакырды. Азыркы министр Таалайбек Ибраев 2021-жылдан тарта тармакта реформа иштери жүрүп, тилекке каршы ал суунун аздыгы менен коштолуп жаткандыгын моюнга алды. Анын айтымында суунун азайышы дүйнө жүзү боюнча катталууда. Быйыл суу сактагычтарда суунун көлөмү рекорддук деңгээлде азайган. 2024-жылы кышка карата Токтогул суу сактагычында 12,4 миллиард кубметр суу болсо, азыр 1,6 миллиардга аз.

### Жарыкты үнөмдөө зарыл

Министрликтин эсептөөлөрүнө, байкоолоруна ылайык электр энергиясын колдонуунун рекорддук көрсөткүчтөрү күндүз 7:00-9:00, кечкисин 18:00-21:00 убакыт аралыгында катталат. Ушул убакытта жарыкты үнөмдөөгө көңүл буруу зарыл. Болбосо электр жарыгы эң көп колдонулган аймактарда системага күч келиши мүмкүн жана авариялык абал түзүлөт.

Айрым маалыматтар боюнча Кыргызстандын кышындагы электр энергияны керектөөсү 18 млрд кВт/сааттан ашып, өндүрүлгөн кубаттуулуктан 4 млрд кВт/саатка ашып түшөрү божомолдонууда. Энергетика министрлиги мындай рекорддук көрсөткүчтөр акыркы эки жыл аралыгында катталып, бул калктын санынын жана керектөөнүн өсүшү менен түшүндүрүлүп жаткандыгын айтып келет. Быйыл да күз - кыш мезгилдери жакындаганда министрлик жылытуу сезонуна даярдык көргөн. Ведомствонун берген маалыматтарынын баарында даярдык жогорку деңгээлде болгону белгилүү. Гидроэлектрстанциялардагы, көмөк чордондордогу жана трансформаторлордогу бардык оңдоо жана алдын алуу иштери графикке ылайык аткарылып, тармакты кышка даярдоо 95 пайызга аяктаган. Токтогул ГЭСиндеги төртүнчү гидроагрегатты жана Үч-Коргон ГЭСиндеги экинчи агрегатты реконструкциялоо иштери бүттү. Аларды ноябрь айынын аягына чейин пайдаланууга берүү пландалган. Эгер бул иштер аткарылбаганда энергетикалык тутум рекорддук көрсөткүчтөрдү багынткан кубаттуулукту такыр эле көтөрө албай калмак. Ал эми жаңы жабдууларды ишке киргизүү аварияларды, энергетикадагы кырсыктардын алдын алат. Калкы жыш жайгашкан Ош шаарынын Кең-Сай массивиндеги Кең-Сай көмөк чордону пайдаланууга берилди. Бүгүнкү күндө аталган көмөк чордонду куруу иштери да 100% га бүттү. Ош электр тармактары ишканасы тарабынан көмөк чордондогу жараксыз техникалык жабдыктар алынып салынып, 6300 кВА кубаттуулуктагы трансформатор орнотулду.

Буга чейин, Энергетика министри Таалайбек Ибраевдин Ош облусуна болгон иш сапарынын алкагында Ош шаарынын мэри Жеңишбек Токторбаев менен биргеликте аталган көмөк чордондун абалы менен жеринен таанышкан.

“Кең-Сай” көмөк чордону Ош шаардык мэриясы тарабынан бир топ жыл мурун курулуп баштап, белгисиз себептерден улам курулуш иштери толук аяктабай, токтоп калган.

Мындан улам министр чечим кабыл алып, курулушту жандандыруу жана ишке киргизүү боюнча Ош электр тармактары ишканасына тийиштүү тапшырмаларды берген. Эгер көмөк чордон толук ишке кирсе, Кең-Сай массивинин жана ага жакын жайгашкан аймактардын электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз болушуна өбөлгө түзүлөт.

### Электр энергиясыз аалам

Энергетика – дүйнө жүзүндө экономиканын өсүшүнө салым кошкон негизги өндүрүштөрдүн бири. Электр жарыгысыз азыр бир да иш алга жылбайт, дүйнө токтогон, бардык мүмкүнчүлүктөрүнөн ажыраган жымжырт ааламга айланат. Андыктан бул тармак локомотив катары кабылданып, эң негизги орунда турушу абзел. 90-жылдардан кийин тилекке каршы энергетика тармагынын маани-маңызына көңүл бурулбай, көзөмөлдөнбөй, эскилиги жетип кеткен. Ошондуктан азыр реформаны туура кабыл алуу зарыл. Анын үстүнө министр Таалайбек Ибраев электр энергиянын өлкөдө өз наркынан ылдый сатылып жаткандыгы да маселе жаратып жатканын жашырбайт. Кыргызстан электр энергиянын 1киловатан 2.60 тыйындын тегерегинде өндүрүп келсе, элге 1.33 тыйындан сатат. Калганын мамлекет субсидия кылып келүүдө. Министрдин айтымында 30 жыл убакыт аралыгында энергетика тармагы саясатташтырылып кеткени аны кризиске кептеген. Мурдагы бийлик төбөлдөрү энергетикада бир убактарда кризис болоруна, ар кандай табийгый өзгөрүүлөр катталышына такыр көңүл бурган эмес. Ал эми азыркы реформа ушундай эле ыргак менен жүрүп отурса, 2028-жылы энергетика баткан сазынан толук чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ага чейин энергияны импорттоого жана үнөмдөп, энергетиктерге колдоо көрсөтүп турууга туура келет.

### Экономика өскөн сайын тармакка күч келет

Өлкөдө экономикалык көрсөткүчтөр кыйла өсүп, мурда такыр эле токтоп калган заводфабрикалар ишке кирип жатат. Күн алыс бир ишкананын ачылышы болуп, ири мекемелердин иши өрүш алууда. Бул албетте энергетикага ашыкча күч келтирет. Ошол себептен тармак генерацияны көбөйткөнгө жетишпей жатат. Мисалы, былтыр Киров суу сактагычында кубаттуулугу 25 МВттык чакан ГЭС курулган. Чакан ГЭС курулаары менен ал жерде аэропорт, ИИМдин жаңы имараты, Бакай-Ата районунда мектеп ачылган. Бул социалдык мекемелер чакан ГЭС иштеп чыккан энергияны толугу менен пайдаланууда. Азыркыдай оор абал орун албашы үчүн мындан ондогон жылдар мурда тармакта реформалар жүрүшү керек эле дешет адистер.

### Кара алтында маселе жок

«Кыргызкөмүр» ААК ички муктаждыктарды, анын ичинде Бишкек ЖЭБди толугу менен камсыз кылды. Бишкек ЖЭБине быйыл 570 миң тонна көмүр жеткирилүү алдында турат. Республика боюнча жеткиликтүү баада көмүр менен камсыздалган 72 отун базасы ачылды.

“Кыргызкөмүр» ААКтын башкы директорунун орун басары Амантур Турсуниязов билдиргендей, бүгүнкү күндө өлкөдө түштүктө төрт жана түндүктө бир көмүр кени активдүү иштетилип жатат. Эң ири Кара-Кече кенинде күн сайын 5 минден 8 миң тоннага чейин көмүр казылып алынууда. Республика боюнча көмүр менен толук камсыздалган 72 отун базасы ачылган. Бишкек шаарында 14 отун базасы иштеп жатат, аларда көмүрдүн тоннасы 5800 сомдон сатылууда. Чүй облусунда 32 база иштейт, ал жерде баа аралыкка жараша 5500 сомдон 6500 сомго чейин өзгөрүп турат.

**Жазгүл КЕНЖЕТАЕВА**



Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №20 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер АСЕКОВА ГУЛМИРА АСАНКУЛОВНАнын шайлоо алдындагы программасы




**Шайлоо алдындагы программамды элдин назарына сунуштайм**

Программам 3 этапты камтыйт – саламаттыкты сактоо, билим берүү, социалдык кызматтарды өнүктүрүү (жол, канализация, кичи жана орто бизнести колдоо, транспорт, балдарды жана аялдарды зордук-зомбулуктан коргоо)

- социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн комплекстүү программасын ишке ашыруу
- жол тыгындары менен күрөшүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу жана элибиздин коомдук транспортту коопсуз колдонуусуна шарт түзүү.
- жолдун асфальталышынын сапатына, экологиялык көйгөйлөргө, жаратылышка, жашыл мейкиндиктерге, сугарууга жана айыл чарбасын өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүүгө мониторинг жүргүзүү.
- жаштарга патриоттук адеп-ахлактык тарбия берүү үчүн бардык күчтөрдү бириктирүү жана спортту колдоо, өнүктүрүү
- саламаттыкты сактоо, агартуу, турак жай-коммуналдык чарба тармактарында кызмат көрсөтүүнүн сапатын жакшыртуу
- ар түрдүү тармактарда жаш кадрларды даярдоо жана ишке орноштурууну камсыз кылуу

Мен алган билимимди натыйжалуу колдонуу максатында жана аларды ишке ашыруу үчүн Жогорку Кеңешке депутаттыкка ниет кылдым.

- жаш муундардын билими жана алардын татыктуу тарбия алышы – ийгиликтүү келечектин ачкычы. Эң көп талап кылынган керектүү адистиктер боюнча кесипке багыт берүү жана бул максатта 12 жылдык билим берүүгө өтүү, билим берүү системасынын трансформациясы бүтүрүүчүлөрүбүздүн мектептен билимдүү, жашоого даяр экендигинин далили боло алат.

Учурда биз санариптештирүү доорунда жашап жатабыз, технологиялык инновациялардын ылдамдыгы өсүп, өлкөбүздү аралыктан шайлоо (онлайн) өткөрүүгө мүмкүнчүлүгүн түзүү, анткени шайлоо учурунда кээ бир жарандарыбыз жалкоолукка алдырып коюшат. Ушундай шайлоо жолун тандасак, анда Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо колдонууга шарт түзүлөт эле.

Жаңы технологиялар, жасалма интеллект, булут кол тамгалар жашообуздун бирден-бир өсүп өнүгүп кетишине өбөлгө түзөт.

Ал эми социалдык жактан коргоо, калкка көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын сапатын жогорулатуу, социалдык жардамды даректүү көрсөтүү, жаш мугалимдерди турак жайлар менен камсыздоо маселелерин колдоо жана ыкчам чечим алынган иштерге көмөк көрсөтүү.

Үй-бүлө баалуулуктарын сактоо максатында “Бекем үй-бүлө” долбоорун даярдоо жана ишке ашырууну камсыз кылуу.

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдыга коюлган эң башкы максаты – жашообуздун ар кандай тармактарындагы коррупцияга каршы күрөшүү ишин колдоо.

Менин программамдагы эң башкы күч – бул эл .

Элдин колдоосу, элдин ишеними менен гана ийгиликке жетүү менин максатым. Эл менен жөнөкөй баарлашуу, бири-бирине туура түшүнүү жана бири-бирин сыйлоо эң чоң жетишкендикке алып келет.

*КРнын ЖК депутаттыгына №20 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Асекова Гулмира Асанкуловнанын шайлоо фондунун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү И.Кыштообаева тарабынан төлөндү (Күбөлүгү №187).*

# Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №21 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Тоотаев Улукмырза Абдилашимовичтин шайлоо алдындагы программасы

**Кириш сөз**

*Мен, Тоотаев Улукмырза Абдилашимович, элге кызмат кылууну өзүмдүн негизги милдетим деп билем. Максатым – Кыргызстанды өнүктүрүүгө, элдин кызыкчылыгын чагылдырган жана турмушун жакшырткан мыйзамдарды түзүүгө салым кошуу.*

**НЕГИЗГИ БАГЫТТАР**

**1. Ленин районунун атын жаңылоо**

Райондун азыркы аты заман талабына туура келбейт. Коомдук талкуунун негизинде элдин руханий баалуулуктарына жана борбордун келбетине ылайык жаңы ат берүү сунушталат.

**2. Маданий жана руханий туризм**

Зыяраттык жана Рамазан-тур программаларын өнүктүрүү. Туристтер үчүн орозо жана ооз ачуу шарттарын камсыздоо. Кыргызстанды руханий туризмдин борборуна айлантуу.

**3. Ден соолукту сактоо**

Электрондук медициналык карталарды киргизүү, өлгөн адамдын укуктарын урматтоо боюнча мыйзамды кайра карроо жана алдын алуу изилдөөлөрүн күчөтүү.

**4. Реновация жана компенсация**

Турак жайларды жаңыртуу – элдин укугун бузбашы керек. Ар бир жаранга көз карандысыз баалоо жана адилет компенсация: акчалай, салыктык же ипотекалык жеңилдик түрүндө.

**5. Билим берүү**

Мектептерди көбөйтүү, мугалимдердин маянасын жогорулатуу, заманбап окуу каражаттарын киргизүү жана патриоттук-адептик тарбияны бекемдөө.

**6. Кичи жана орто бизнести колдоо**

Салык системасын жөнөкөйлөтүү, логистикага жардам берүү, билим берүү программаларын уюштуруу жана соодагерлер үчүн шарттарды жакшыртуу.

**7. Экология**

Аба, суу жана топурак сапатын көзөмөлдөө; таштандыны кайра иштетүүнү өнүктүрүү; экологиялык таза технологияларды колдоо.

**Жыйынтык**

Элимдин ишеними – мен үчүн чоң жоопкерчилик.


Сиздин добушуңуз менен мен элдик депутат болуп, ар бир чечимди адилеттүүлүк, өнүгүү жана салтты сактоо принциптери менен кабыл алам.

*КРнын ЖК депутаттыгына №21 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Улукмырза Тоотаевдин шайлоо фондунун эсебинен каржы боюнча өкүлү Нурдинова С.Н. тарабынан төлөндү (Каттоо күбөлүгү №657, 27.10.2025-ж.).*

ЭЛДИН ЖЫРГАЛЧЫЛЫГЫ - ЭҢ ЖОГОРКУ МЫЙЗАМ

**21**-ШАЙЛОО ОКРУГУ

**№4**



# №23 шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер АСКАРБЕКОВ МАВЛЯН АМАНГЕЛЬДИЕВИЧТИН ШАЙЛОО ПРОГРАММАСЫ

**БЛОК I. РАЙОН ЖАНА ШААР: АДАМДАР ҮЧҮН ЫҢГАЙЛУУЛУК**

**1. КУРУЛУШТАГЫ ТАРТИП**
- Башаламан курулушка катуу мораторий.
- Парктарды, короолорду жана жашыл аймактарды коргоо.
- Шаар куруу чечимдери – тургундар менен бирге гана кабыл алынат.

**2. ИНФРАСТРУКТУРА**
- Бала бакчаларда, мектептерде орундардын жана жеткиликтүү медицинанын кепилдиги.

**3. ШААРДЫН ЭКОЛОГИЯСЫ**
- Таза аба жана суу. 3 жана 5 жылдык чечүү программасы.
- Транспорт жана турак жай-коммуналдык чарба үчүн жогорку экологиялык стандарттарды киргизүү.

**БЛОК II. ӨЛКӨ: ЖООПКЕРЧИЛИК ЖАНА КЕЛЕЧЕК**

**4. КОРРУПЦИЯ МЕНЕН КҮРӨШ**
- Бюджеттин жана насыялардын 100% ачыктыгы.
- Мыйзамдарды аткарбагандыгы жана кыянаттык кылгандыгы үчүн чиновниктердин жеке жоопкерчилиги.

**5. ЭКОНОМИКА ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛАР**
- Жеке менчикти коргоо, ишкерлерди колдоо, жаңы жумуш орундарын түзүү.
- Башкаруунун натыйжалуулугу үчүн заманбап технологияларды жана «акылдуу» чечимдерди тартуу (Санарип шаар).
- Банк, акча-насыя саясатындагы реформа.

**6. УЛУТТУК ПРИОРИТЕТТЕР**
- Реформалар: Саламаттыкты сактоо, Билим берүү, сот системи, күч органдары.
- Элдин кызыкчылыгы баарынан жогору: Демократиялык принциптерди, сөз, ой эркиндигин, улуттук баалуулуктарды коргоо.
- Жаратылыш байлыктарын (мөңгүлөрдү, жер астындагы кендерди, таза сууну) стратегиялык приоритет катары коргоо.

**7. МУУНДАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ**
- Билим берүүгө, спортко жана маданиятка инвестициялоо.
- Өлкөнүн келечегинин негизи болгон эркин ой жүгүрткөн жана атаандаштыкка жөндөмдүү муунду калыптандыруу.

*КРнын ЖК депутаттыгына көп мандаттуу №23 шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Аскарбеков Мавлян Амангельдиевичтин шайлоо фонду эсебинен финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү А.О. Асанбекова тарабынан төлөндү. (Күбөлүк №485)*



## №18 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР

# СУЛТАНКУЛОВА АЛТЫНАЙ




*КРнын ЖК депутаттыгына көп мандаттуу №18 шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Султанкулова Алтынай Эркинбековнанын шайлоо фондунун эсебинен финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Умаралиева Аида Аскарбековна тарабынан төлөндү (Күбөлүк №687)*

### ПРОГРАММА
### «Бекем үй-бүлө — күчтүү мамлекет»
### I. Социалдык адилеттүүлүк жана жалгыз бой энелерди колдоо

Бүгүн Кыргызстанда миңдеген аялдар балдарын жалгыз тарбиялап, мамлекеттик системанын кайдыгерлигине жана колдоонун жетишсиздигине туш болууда. Менин максатым — ар бир эне мамлекеттин реалдуу жардамын сезиши, убадаларды гана укпашы. Негизги чаралар:

1. Кыйын турмуштук кырдаалга туш болгон аялдарга финансылык жана укуктук жардам көрсөтө турган Мамлекеттик жалгыз бой энелерди колдоо фондун түзүү.
2. Жалгыз бой балдарын тарбиялаган энелерди жөлөкпул алуучу категорияга киргизүү боюнча мыйзамдык демилге көтөрүү.
3. Акысыз бала бакчалардын жана мектеп алдындагы ийримдердин системасын өнүктүрүү – ар бир эне иштөө жана өнүгүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу үчүн.
4. Юридикалык коргоону камсыз кылуу – дискриминацияга, зомбулукка же эмгек укуктарынын бузулушуна туш болгон аялдар үчүн жергиликтүү бийлик алдында укуктук колдоо борборлорун түзүү.

### II. Жарандардын реабилитациясы жана социалдык адаптациясы

Коом өзүнүн жарандарына жардам колун сунмайынча, ал ден соолуктуу боло албайт. Реабилитация – бул жөн гана дарылануу эмес, бул адамды турмушка, эмгекке жана үй-бүлөгө кайтаруу. Негизги багыттар:

1. Ар бир аймакта медициналык, психологиялык жана социалдык колдоо көрсөтүүчү заманбап реабилитациялык борборлорду куруу жана ачуу.
2. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк негизинде реабилитация тармагына бизнес жана бейөкмөт уюмдарды тартуу — көз карандылыктан жабыркагандарга, мүмкүнчүлүгү чектелгендерге, өспүрүмдөргө жана зомбулуктун курмандыктарына жардам берүү борборлорун түзүү.
3. Көз карандылыктын алдын алуу боюнча улуттук программа иштеп чыгуу – билим берүү, профилактика, жаштар жана ата-энелер менен системалуу иш жүргүзүү.
4. "Экинчи мүмкүнчүлүк борборлорун" түзүү – реабилитациядан өткөн жарандарды кесиптик кайра даярдоо жана жумушка орноштурууга көмөктөшүү.
5. Социалдык кызматкерлерди жана ыктыярчыларды колдоо – квалификациясын жогорулатуу, татыктуу айлык акы жана коомдук баалоо.

### III. Үй-бүлөнү коргоо жана коомдук баалуулуктарды бекемдөө

Үй-бүлө — мамлекеттин пайдубалы. Үй-бүлөнү, энеликти жана балалыкты колдоо — Кыргызстан келечегинин ачкычы. Негизги приоритеттер:

1. Так ишке ашыруу механизмдери бар «Үй-бүлөнү жана энеликти коргоо жөнүндө» мыйзамды кабыл алуу.
2. «Жоопту аталык» программасын киргизүү — балдарды тарбиялоого эркектердин активдүү катышуусун камсыз кылуу жана алимент төлөөдөн качуунун алдын алуу.
3. Аялга, ата-энеликке жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга болгон урматты жогорулатуучу социалдык жарнама жана билим берүү кампанияларын жүргүзүү.
4. Мамлекет, дин жана жарандык коом уюмдарынын өнөктөштүгү аркылуу моралдык жана этикалык баалуулуктарды бекемдөө.

### IV. Депутат катары менин иш принциптерим

- Ачыктык жана отчеттуулук — шайлоочулар алдында туруктуу отчёт берүү.
- Декларация эмес, элге реалдуу жардам көрсөтүү.
- Ар бир район, ар бир үй-бүлө менен иштөө.
- Адамдын кызыкчылыгына кызмат кылган мыйзамдык демилгелерди иштеп чыгуу.

Менин урааным:
«Аялды колдосок — үй-бүлөнү бекемдейбиз. Үй-бүлөнү бекемдесек
— күчтүү Кыргызстанды курабыз!»

## №19 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНЕ ДЕПУТАТТЫККА ТАЛАПКЕР

# Таалайбек ТӨЛӨНБАЕВдин

## ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ




**Урматтуу мекендештер!**

Биздин өлкө 1991-жылы СССР тарагандан кийин көз карандысыздыкка жетишкен. Бирок бул эркиндик кыргыз элине жөн гана белек катары берилген дегенди билдирбейт. Эл катары биздин тарыхыбыз байыркы кылымдарга — 2200 жылдан ашуун убакытка, улуу империялар жашаган доорлорго барып такалат. Ошол узак тарыхый жолдо империялар түзүлүп, кайра урап, бүтүндөй элдер тарых аренасынан жоголуп кетти, ал эми биз сакталып калдык. Эл катары биз ар дайым акылман чечимдерди таап, эркибизди, эр жүрөктүүлүгүбүздү жана жашоого жөндөмдүүлүгүбүздү көрсөтүп келгенбиз.

Бүгүн глобалдашуу доорунда, бизде өз өлкөбүз, өз туубуз жана дүйнөлүк коомчулуктун таануу сыймыгы бар. Мына ушуга сыймыктануу керек жана келечек муундарга чыныгы патриоттук сезимди, мекенге болгон сүйүүнү тарбиялоо милдети турат. Биздин мекен бирөө эле, ошондуктан ар бир жарандын — кичүүсүнөн тартып улуусуна чейин — аны коргоого жана өнүктүрүүгө салымы болушу зарыл.

Мен, Кыргыз Республикасынын жараны катары, жакынкы келечекте өлкөбүз дүйнөдөгү өнүккөн мамлекеттердин катарына кошулуп, жаңы «Азиянын жолборсу» болооруна бекем ишенем. Өз кезегимде, республикадагы саясий процесстерден четте калбастан, тагдыр чечүүчү кадам жасап, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка талапкерлигимди коюу чечимин кабыл алдым.

**Өлкөбүздүн ички жана тышкы кыйынчылыктарын терең түшүнүү менен өзүмдүн шайлоо алдындагы программамдын төмөнкү багыттарын ишке ашырууну өз милдетим катары кабыл алам:**

**Энергетикалык коопсуздук** — чакан, орто жана ири ГЭСтерди, ЖЭБдерди, ошондой эле альтернативдик энергия булактарын өнүктүрүүгө шарт түзгөн жөнөкөйлөштүрүлгөн мыйзамдык механизмдерди ишке киргизүү.

**Азык-түлүк коопсуздугу** — айыл чарба жерлерин жана жайыттарды башка максаттарда колдонууга тыюу салган мыйзамдык негиздерди түзүү; тамчылатып сугарууну кеңири жайылтуу; фермердик чарбалардын ишин мамлекет тарабынан катуу көзөмөлгө алуу менен майда жана ири мүйүздүү малдын санын көбөйтүү жана экспорт боюнча так чеңемдерди киргизүү.

**Коомдук коопсуздук** — Кыргыз Республикасынын жарандарына карата жосунсуз аракеттердин бардык түрүнө каршы жоопкерчиликти күчөтүү. Жынысына, жаш курагына, улутуна же дин тутумуна карабай — мыйзам бардыгы үчүн бирдей болушу шарт. Биздин өлкөдө бир гана диктатура болушу керек — бул мыйзамдын диктатурасы. Ким мыйзам бузса, ал сөзсүз түрдө өз аракетине жараша адилет жаза алышы керек.

**Шайлоочулардын кызыкчылыгын коргоо** — №19 - шайлоо округунун тургундарынын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо менин депутаттык ишимдин башкы артыкчылыктарынын бири болот. Жергиликтүү маселелерди ыкчам чечүү үчүн коомдук жардамчылардын институтун коомдук депутаттык өкүлдөр институтуна айландырууну, алардын санын көбөйтүүнү, бирок мамлекеттин бюджетине кошумча жүк келтирбөөнү сунуштайм.

**Урматтуу шайлоочулар!**

Жаңы жүздөргө жана жаңы идеяларга добуш бериңиздер!

*№19 көп мандаттуу шайлоо округунан КР ЖК депутаттыгына талапкер Таалайбек Төлөнбаевдин шайлоо фондунун эсебинен каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Шаршенбаева Аида Орозбаевна тарабынан төлөндү (Күбөлүк №810 31.10.25-ж.)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# №12 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР

# КЫЗЖИБЕК КАРАБЕКОВА




## ӨМҮР БАЯНЫ

Карабекова Кызжибек Советовна – 1972-жылдын 25-октябрында Жалал-Абад облусунун Сузак районуна караштуу Кара-Март айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. 1996-жылы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетин колдонмо адистиги, ал эми 2011-жылы юридика адистиги боюнча бүтүргөн. Эмгек жолун 1997-жылы ошол эле университетте мугалим болуп баштап, 2008-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратында улук консультанттан бөлүм башчыга чейин жооптуу кызматтарда иштеп келет.

## ТАЛАПКЕРДИН ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ:

Мамлекеттик кызматта мыйзам чыгаруу процессинде топтогон тажрыйбамды эми эл үчүн колдонууга убакыт келди деп эсептейм. Ошондуктан көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлигимди өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен коюп жатам. Бул кадам мен үчүн чоң жоопкерчилик. Анткени ар бир жарандык ишеним — бул мен үчүн милдет, ар бир элдик талап — бул иш-аракетке түрткү.

Менин максатым — элдин үнүн бийликке жеткирүү. Кагазда эле эмес, иш жүзүндө чыныгы өзгөрүүлөрдү жасоо. Сиздердин көйгөйлөрүңүздөрдү, сунуштарыңызды угуп, аларды мыйзамдык деңгээлде көтөрүп чыгуу.

Мен элдин чыныгы үнүн чагылдырган жана алардын реалдуу муктаждыктарын эске алган мыйзамдарды демилгелеп, алардын тез арада кабыл алынышын камсыз кылам. Ар бир мыйзам жарандардын жашоосун жакшыртууга багытталышы керек жана реалдуу натыйжа бериүсү зарыл.

Коррупцияга каршы күрөш менин негизги артыкчылыктарымдын бири. Бул тармактагы мыйзамдарды күчөтүп, ачык жана таза башкарууну камсыздоо үчүн эффективдүү механизмдерди киргизүүнү колдойм. Башкарууда жоопкерчилик, ачыктык жана мыйзамдуулук принциптери так сакталганда гана коомдо прогресске жетишүүгө болот.

**Менин негизги позициям:** *"Эл ишеними — менин күчүм!" Бул ураан жөн гана сөз эмес — бул менин ишмердигимдин негизги принциптеринин бири. Эгер эл ишенсе — эл менен чогуу өнүгүү мүмкүн. Эгер эл колдосо — элдин кызыкчылыгын коргоого чыныгы мүмкүнчүлүк болот.*

Менин программам элдин үнүн угууга, элдин муктаждыгына жооп берүүгө жана реалдуу өзгөрүүгө багытталган. Өзгөчө басым Сузак округуна мүнөздүү көйгөйлөрдү так аныктап, аларды натыйжалуу чечүүгө жасалат.

Эгерде Сиздер, урматтуу Сузак округунун тургундары, мага ишеним көрсөтсөңүздөр, мен төмөнкү 7 негизги багыт боюнча иш алып барам:

## ПРОГРАММАНЫН НЕГИЗГИ КӨЙГӨЙЛӨРҮ ЖАНА ЧЕЧҮҮ ЖОЛДОРУ

### ИЧҮҮЧҮ СУУ МАСЕЛЕСИ

***Көйгөй:*** Көпчүлүк айылдарда ичүүчү суу жетишсиз же сапаты начар.

***Чечүү жолдору:***

Жаңы суу түтүктөрүн куруу, эскилерин оңдоо.

Эл аралык гранттар менен суу долбоорлорун тартуу.

Суу башкаруу боюнча айылдык комитеттерди түзүү.

### СУГАТ СУУ ЖАНА ИРРИГАЦИЯ

***Көйгөй:*** Айдоо аянттарга суу жетпейт, каналдар эскирген.

***Чечүү жолдору:***

Каналдарды механикалык тазалоо жана бетон каптоо.

Насостук станциялардын жана суу бөлүштүрүүчү пункттардын жаңылануусу.

Сууну үнөмдүү пайдалануу боюнча айыл чарбасы боюнча билим берүү.

### БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА САЛАМАТТЫК

***Көйгөй:*** Мектептердин абалы начар, дарыгерлер жетишсиз.

***Чечүү жолдору:***

Мектептерди, бала бакчаларды оңдоо жана жаңы куруу.

Медициналык жабдуулар менен камсыз кылуу.

Жергиликтүү дарыгерлерге мотивациялык программаларды түзүү.

### ЖАШТАР ЖАНА АЯЛДАР ҮЧҮН МҮМКҮНЧҮЛҮК

***Көйгөй:*** Жумушсуздук, кесипке үйрөтүү мүмкүнчүлүктөрү аз.

***Чечүү жолдору:***

Кесиптик билим берүү борборлорун ачуу.

Жаштарга жана аялдарга бизнес ачууга чакан насыялар.

Жергиликтүү долбоорлорго активдүү тартуу.

### ИНФРАСТРУКТУРА ЖАНА КАТТАМ МАСЕЛЕЛЕРИ

***Көйгөй:*** Жолдор бузулган, интернет жана электр энергиясы туруксуз.

***Чечүү жолдору:***

Жолдорду реконструкциялоо үчүн мамлекеттик инвестицияларды тартуу.

Электр жана байланыш кызматтарын жакшыртуу.

Цифралык инфраструктурага инвестиция тартуу.

Коомдук транспорт маселелерин чечүү.

### ТАБИГЫЙ КЫРСЫКТАРДАН КОРГОНУУ

***Көйгөй:*** Жер көчкү, сел, өрт коркунучу — Сузак району үчүн актуалдуу.

***Чечүү жолдору:***

Кооптуу аймактарда жашаган үй-бүлөлөрдү коопсуз жайларга көчүрүү.

Табигый кырсыктардын алдын алуу боюнча пландарды иштеп чыгуу.

Өзгөчө кырдаалдарга даярдыкты күчөтүү.

### АЧЫК ПАРЛАМЕНТ — ЭЛ ИШЕНИМИН АКТАГАН БАШКАРУУ

***Көйгөй:*** Депутаттар эл менен байланышын жоготуп коюуда.

***Чечүү жолдору:***

Мыйзамдар элдин муктаждыгына жараша кабыл алынышы керек.

Ар кварталда эл менен жолугушууларды өткөрүү.

Онлайн жана офлайн кайрылуулар үчүн ачык платформалар.

Бюджеттин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу.

Коррупцияга каршы саясатты колдоо

### ПРОГРАММАНЫН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕРИ:

■ Элге багытталган башкаруу– чечимдерди эл менен кеңешип кабыл алуу

■ Ачык-айкындуулук жана жоопкерчилик – бардык иштерди, бюджетти ачык жүргүзүү жана бийликтин жоопкерчилигин камсыз кылуу

■ Адилеттүүлүк– жарандарга бирдей мамиле, мүмкүнчүлүк жана колдоо

■ Коопсуздук жана туруктуулук – жаратылыш кырсыктарына даярдык жана элдин коопсуздугу үчүн иштөө

■ Ишеним – негизги күч! Таза, жоопкерчиликтүү жана эл үчүн иштөө

### ЖЫЙЫНТЫК СӨЗ:

**Урматтуу Сузак округунун эли!**

Сиздердин ишенимиңиздер — мен үчүн чоң жоопкерчилик. Сиздер менен бирге иш алып барып, аймакты өнүктүрүүгө, мыйзамдуу жол менен көйгөйлөрдү чечүүгө даярмын.

Жогорку Кеңеш — бул элдин үнү угулган жер болушу керек. Сиздердин үн — менин үнүм болот.

Мен элдин үнүн, муктаждыгын, көйгөйүн Жогорку Кеңештин трибунасынан ачык көтөрүүгө, жана аны чечүү үчүн тиешелүү органдар менен тыгыз иштөөгө даярмын.

Жогорку Кеңешке баруу — бул жеке максат эмес. Бул элдин ишенимине жооп кайтаруу, элдин үнүн бийликке жеткирүү миссиясы. Мен бул ишке даярмын.

**Добушуңуз маанилүү!**
**Карабекова Кызжибек Советовнага добуш бериңиз! №2**

*(Буюртма: КРнын ЖК депутаттыгына көп мандаттуу №12 шайлоо округунан депутаттыкка талапкер Карабекова Кызжибек Советовнанын шайлоо фондунун эсебинен финансы боюнча ыйгарымдуу өкүлү Акматова Авазхан Усеновна тарабынан каржыланды. БШК күбөлүк №135, 11.10.2025-ж.)*

МААЛЫМАТ

## 116 ЧАКЫРЫМГА ЗЫМ ТАРТЫЛДЫ



Кыргыз-тажик чек арасынын дээрлик 116 чакырымы зым менен тосулду. Тагыраагы, үстүбүздөгү жылдын 12-ноябрына карата жалпы Баткен облусу боюнча 115 чакырым 958 метр аралыкка зым тартылды. Анын ичинен Баткен районунда 84 чакырым 806 метр, Лейлек районунда 31 чакырым 152,5 метр аралык тосулду. Мындан сырткары, чек ара тосмосун бойлой 176 чакырым жол салынды. Чек араны демаркациялоо иштерин илгерилетүү максатында, жергиликтүү бийлик органдары тарабынан чек ара сызыгы өткөн аймактарды турак үй, короо жай, бак-дарактардан тазалоо жумуштары үзгүлтүксүз аткарылып келет. Лейлек району боюнча 108 объект бузулган. Анын ичинде турак үй, мал сарай, ашкана, мончо сыяктуу кыймылсыз мүлктөр жана коммерциялык багыттагы объекттер бар. Бул багытта көз карандысыз эксперттер объекттерге баалоо жүргүзүүдө. Жарандар бул иш-аракеттерге түшүнүү менен мамиле жасап жатат.

## ӨЗҮНӨ-ӨЗҮ ТЫЮУ САЛУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮНӨН ПАЙДАЛАНГАНДАР



1-ноябрга карата Кыргызстандын жарандары насыя берүүгө өз алдынча тыюу сала алышты. Бул тууралуу Улуттук банк маалымдап, кыргызстандыктар активдүүлүгүн көрсөтүп жатканын билдирди. Тактап айтсак, ноябрь айынын биринчи жумасында 19 000ден ашык адам "Tunduk" мобилдик тиркемеси аркылуу насыя берүүгө өз алдынча тыюу салышкан. Улуттук банктын төрагасынын орун басары Бектур Алиев мурда насыя берүүгө өз алдынча тыюу салуунун киргизилиши жарандардын укуктарын, кызыкчылыктарын, депозиттерин жана финансылык көз карандысыздыгын коргой турганын билдирди. Мындан тышкары, бул чара адамдын кредиттик тарыхын көзөмөлдөө үчүн зарыл: каалаган убакта өзүнүн атына "санариптик кулпу" коюу мүмкүнчүлүгүн берет. Бул механизм жарандарга маалыматтуу чечимдерди кабыл алуу үчүн убакыт берүү үчүн да маанилүү болууда. ИИМ болсо ал учурда социалдык мессенджерлер аркылуу, жада калса, мамлекеттик системалардын атын жамынуу аркылуу банктардан кредит алууга мажбурлаган топтордун мурдагыдай эле активдүү иштеп жатканын билдирди.

"Эркин-Тоо" пресс

# №18 шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка талапкер АЗАТ ОСКОМБАЕВдин шайлоо алдындагы программасы




**Урматтуу Чүй облусунун Москва, Жайыл жана Сокулук райондорунун тургундары! Урматтуу мекендештер!**

Мен, Азат Оскомбаев, сиздердин шайлоо округуңуздардан Жогорку Кеңешке депутаттыкка талапкермин. Менин максатым – элдин үнүн угузуп, ар бир жарандын кызыкчылыгын коргоо.

Кыргызстан – көп улуттуу мамлекет. Бизде 80ден ашык эл жана улуттар жашайт. Кыргыз эли байыртан бери меймандос, ошондуктан өлкөбүздө ар улут, ар дин өкүлдөрү тынч жашап келишет.

Бизде жаратылыш байлыктары жетиштүү. Эгер аларды адилеттүү жана туура пайдаланса, өлкөбүз өнүгөт, элдин турмушу жакшырат.

Менин негизги максатым – элдин жашоосун жакшыртуу, айрыкча биздин округдун тургундарынын турмушуна көңүл буруу.

Депутат – бул аткаруу бийлигинин өкүлү эмес. Ал жол, оорукана, көпүрө куруп бербейт, кредит таратпайт. Депутаттын иши – эл үчүн мыйзам жазуу, кабыл алуу жана алардын аткарылышын көзөмөлдөө.

Менин программам – бул элдин баалуулуктары, чындыгында керектүү мыйзамдар, жана региондун көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган сунуштар.

Ар бир талапкердин программасында коррупцияга каршы күрөш, жарандардын укуктарынын жана теңчилигинин корголушу тууралуу мыйзамдар болушу керек деп эсептейм.

Мен экономикалык көйгөйлөрдү чечкен, элдин кирешесин көбөйткөн, жумушсуздукту азайткан мыйзамдарга өзгөчө көңүл бурам. Ошондой эле энергетика жана инфраструктура тармагындагы көйгөйлөрдү чечүү зарыл.

**Биздин округдун башка маселелери – айыл чарба, суу ресурстары, инфраструктура жана эл аралык тынчтык.**

**1. Коррупцияга каршы күрөш – адилет мамлекеттин негизи**

Коррупция – өлкөдөгү эң чоң көйгөйлөрдүн бири. Ал бийликке жана экономикага ишенимди солгундатып жатат. Аны жеңүү үчүн төмөнкү чаралар керек:
- Коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү.
- Бюджеттик чыгымдардагы коррупцияны азайтуу үчүн ачык-айкын мамлекеттик сатып алуулардын жана коомдук көзөмөлдүн санариптик системасын киргизүү.
- Санариптештирүү аркылуу мамлекеттик кызматтардын ачыктыгын жогорулатуу.
- Бизнести коргоо жана бакубат инвестициялык чөйрөнү өнүктүрүү.
- Коомдо коррупцияга карата сабырсыздыкты иштеп чыгуу.
- Жарандык коомдун катышуусу менен көз карандысыз антикоррупциялык органды түзүү.

**2. Бардык жарандардын теңдиги жана эркиндиги**
- Ар бир жарандын укугун жана теңдигин коргоо;
- Аялдарга жана балдарга карата зордук-зомбулукка каршы күрөшүү;
- Бардык улуттар үчүн бирдей мүмкүнчүлүк түзүү;
- Майып жана муктаж жарандарга жеткиликтүү кызматтар жана колдоо берүү.

**3. Экономикалык өнүгүү жана элдин жашоосу**

Экономика өсүп жатат, андыктан жарандардын колдоосу инфляция жана жакырчылык менен күрөшүү үчүн өсүшү керек.
- Баалар менен инфляцияны азайтуу, жергиликтүү өндүрүштү колдоо;
- Айыл чарба жана жеке чарбаларга жеңилдетилген кредиттерди берүү;
- Аймактарда кичине жана орто бизнеске шарт түзүү, стартаптарга грант берүү, салыктарды азайтуу;
- Энергетика жана инфраструктураны жаңылоо, өндүрүштү жогорулатуу.

**4. Москва, Жайыл жана Сокулук райондорунун көйгөйлөрү**
- Айыл чарбасын өнүктүрүү: сугат жана кайра иштетүү ишканаларын колдоо, фермерлер ортосундагы суу маселелерин чечүү;
- Инфраструктураны жакшыртуу: жолдорду оңдоо, айылдарга электр энергиясын жана интернетти жеткирүү;
- Этностор аралык тынчтыкты жана ынтымакты сактоо, региондогу улуттук-маданий коомдордун ишмердүүлүгүн колдоо программасы.
- Табигый тобокелдиктерден коргонуу, суу ресурстарын туура пайдалануу;
- Райондор ортосундагы социалдык теңсиздикти жоюу.

**5. Социалдык тармак жана туруктуу келечек**
- Билим берүү жана саламаттык сактоо: мектептерди жана ооруканаларды оңдоо, мугалимдердин жана дарыгерлердин айлыгын көтөрүү;
- Муктаж үй-бүлөлөргө жеткиликтүү турак жай жана ипотека программалары;
- Майып жана аз камсыз болгон жарандарга даректүү жардам;
- Экология: табиятты коргоо, Чүй облусунда таза энергияны өнүктүрүү.

**6. Жаштар – өлкөнүн келечеги!**

Жаштар – ар бир коомдун күчү. Аларга шарт түзүү зарыл:
- Билим жана спорт боюнча гранттар, маданий борборлорду ачуу;
- Жаштар үчүн жумуш ордударын түзүү, айылдан көчүп кетпеши үчүн колдоо;
- Жаш үй-бүлөлөргө жер тилкелерин берүү;
- Мектептерде кесиптик билим берүү сабактарын киргизүү, жаштарга келечектеги ишке даярдык берүү;
- Жаштардын иш менен камсыз болуу программасы – өспүрүмдөргө үй-бүлөгө жардам берүү үчүн иштеп табууга мүмкүнчүлүк.

Менин мыйзам иштеп чыгууда жана жарандардын укуктарын коргоодо чоң тажрыйбам бар. Ошондой эле фермер катары жана ушул аймактын тургуну катары, элдин көйгөйлөрүн жакшы билем.

Эгерде сиздердин ишенимди актап, Жогорку Кеңешке депутат болуп калсам, мен элдин кызыкчылыгын коргойм жана региондун өнүгүүсүнө салым кошом.

Менин максатым – элге пайда алып келүү жана биздин аймактын үнүн мамлекеттик деңгээлге жеткирүү!

**Терең урматтоо менен, Азат ОСКОМБАЕВ**

# Предвыборная программа кандидата в депутаты Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по избирательному округу №18 АЗАТа ОСКОМБАЕВа

**Уважаемые жители Московского, Жайыльского и Сокулукского районов Чуйской области! Уважаемые соотечественники!**

*Я, Оскомбаев Азат, баллотируюсь в депутаты Жогорку Кенеша от вашего избирательного округа, чтобы защищать ваши интересы и каждого гражданина Кыргызстана.*

*Кыргызстан многонациональное государство, в котором проживает более 80 народностей и национальностей. Гостеприимство кыргызов всегда славилось испокон веков, поэтому в нашей стране разные национальности и конфессии!*

*У нас есть достаточное количество природных ресурсов, справедливое и правильное использование которых позволит развивать страну и обеспечивать наших граждан!*

*Приоритет моей деятельности как депутата — это улучшение жизни людей нашей страны, а именно населения нашего избирательного округа.*

*Депутат парламента не является частью исполнительной и судебной власти. Он не строит больницы, дороги, не выдает кредиты и не вершит правосудие. Работа депутата разрабатывать, продвигать и принимать соответствующие законы во благо наших граждан, а также контролировать их исполнение.*

*Моя программа — это базовые ценности населения и приоритетные законопроекты, которые затрагивают наиболее актуальные проблемы региона и интересы его жителей, предполагающие их решения.*

*Я считаю, что программа каждого кандидата должна содержать законодательные меры борьбы с коррупцией на всех уровнях власти, а также по обеспечению равноправия всех граждан, защиту их свобод и равенства.*

*Я также сосредоточусь на законах, которые решают экономические проблемы граждан, повышение доходов, уменьшении безработицы в регионах и структурные ограничения в энергетике и инфраструктуре.*

**Особое внимание уделю насущным проблемам нашего округа: сельскому хозяйству, водным ресурсам, инфраструктуре и этнической гармонии.**

**1. Борьба с коррупцией – основа справедливого государства**

Коррупция остается одной из главных проблем Кыргызстана, подрывая доверие к власти и экономику. Поэтому необходимы следующие меры:
- Совершенствование антикоррупционного законодательства.
- Внедрение цифровых систем прозрачных государственных закупок и общественного контроля для минимизации коррупции в бюджетных расходах.
- Повышение прозрачности государственных услуг через цифровизацию.
- Защита бизнеса и развитие благополучной инвестиционной среды.
- Выработка в обществе нетерпимости к коррупции.
- Создание независимого антикоррупционного органа с участием гражданского общества.

**2. Равноправие, свобода и равенство всех граждан**
- Защита прав и равенства каждого гражданина.
- Борьба с гендерным насилием и дискриминацией: Введение программ по защите женщин и детей;
- Равные возможности для всех этнических групп;
- Поддержка прав инвалидов и уязвимых групп: Доступные услуги и инклюзивное законодательство.

**3. Экономическое развитие и решение проблем граждан**

Экономика растет, поэтому должна расти поддержка граждан для борьбы с инфляцией и бедностью.
- Снижение инфляции и цен на продукты: Поддержка местных производителей через субсидии и контроль за монополиями.
- Принятия мер по льготному кредитованию личных подсобных хозяйств и развития сельского хозяйства в районах.
- Развитие малого бизнеса в регионах, гранты для стартапов, снижение налогов для предпринимателей, особенно для малого бизнеса.
- Решение структурных проблем: Модернизация энергетики для устранения дефицита, развитие инфраструктуры для повышения производительности.

**4. Насущные проблемы Московского, Жайыльского и Сокулукского районов**

В нашем округе ключевые вызовы – сельское хозяйство, водные ресурсы, инфраструктура и этнические отношения.
- Развитие сельского хозяйства: Субсидии на ирригацию и переработку продукции, решение споров по воде для фермеров.
- Улучшение инфраструктуры: Ремонт дорог, обеспечение доступа к электроэнергии и интернету в отдаленных селах для снижения безработицы.
- Программа сохранения межнационального мира и согласия, поддержка деятельности национально-культурных обществ региона.
- Защита от природных рисков: Меры по управлению водными ресурсами и предотвращению дефицита воды.
- Устранение неравенства в развитии и социальном обеспечении районов Чуйской области.

**5. Социальная сфера и устойчивое будущее**
- Образование и здравоохранение: Модернизация школ и больниц в районах, повышение зарплат учителям и врачам, бесплатные программы для малоимущих.
- Доступ уязвимых групп к ипотеке и получению социального жилья.
- Программа по адресной поддержке малоимущих и ЛОВЗ.
- Экология: Защита природных ресурсов Чуйской области, переход к зеленой энергии для снижения зависимости от угля.

**6. Развитие и продвижение молодежи!**

Молодежь – ведущее звено любого общества, и мы должны изменить жизнь молодежи в лучшую сторону.
- Гранты для образования и спорта, создание культурных центров в районах.
- Создание рабочих мест для молодежи, сохранение трудового потенциала в регионах.
- Выделение участков земли для молодых семей, проживающих на постоянной основе на территории района.
- Инвестиции в образование и навыки для молодежи, чтобы стимулировать внутренний рынок труда.
- Продвижение инициатив по введению в школьное образование предметов, дающих возможность ещё в школе получить ряд профессий, решающих проблему занятости молодёжи.
- Разработка программы занятости подростков, дающей им возможность подработать и помочь семейному бюджету.

Обладая большим опытом работы по исполнению законов и обеспечению защиты прав и свобод граждан, а также мой собственный опыт фермера и жителя этого региона, я уверен, что, будучи депутатом Жогорку Кенеша Кыргызской Республики я смогу защищать интересы наших граждан!

Моя цель заключается в том, чтобы приносить пользу, отстаивать и продвигать интересы нашего региона при реализации государственной политики.

**С уважением, Азат ОСКОМБАЕВ**

*КРнын ЖК депутаттыгына №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Азат Оскомбаевдин шайлоо фондунун эсебинен каржы боюнча өкүлү Субанбеков А.А. тарабынан төлөндү (каттоо күбөлүгү №143, 13.10.2025-ж.).*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №10 Кара-Кулжа көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер

## ЭСЕНБАЙ УУЛУ ТАЛАНТБЕКтин

## шайлоо программасы

**"Өзгөн күрүчү" дүйнөлүк бренд:** Ар бир  айыл өкмөттө күрүчтү тазалоочу жана таңгактоочу чакан заводдорду курабыз. Натыйжада: дыйкандардын кирешеси өсүп, күрүч араб өлкөлөрүнө, Европага жана Азияга сатылат.

**Мал чарбасын өнүктүрүү:** Асыл тукум уй-музоо, кой-эчкилерди көбөйтөбүз. Эт жана сүт азыктарын чыгаруучу заманбап заводдорду куруп, экспортко чыгарабыз. Натыйжада: Көптөгөн жумуш орундары түзүлүп, мал чарбасы менен алек болгондордун кирешеси өсөт.

**Инвестицияларды жана гранттарды тартуу:** Жыл сайын аймактарды өнүктүрүүгө гранттар бөлүнөт. Калкка пайда алып келчү проекттерди жазып, грант аркылуу ишке ашырабыз. Ички жана сырткы инвесторлорду тартып, жеңил өнөр жайга тиешелүү завод, фабрикаларды курабыз.

**"Жашыл Мурас" долбоору:** Ар бир айылга жыл сайын 1000 көчөт тигебиз. Өзгөн жана Кара-Кулжа аймактарынын абасы тазаланат, коолдолот. Бузулуп бараткан жаратылышыбыз ордуна келет. Жашыл аймакка айлантабыз.

**Өзгөн – тарыхый жана туристтик борбор:** Базарды заманбап жайга көчүрөбүз. Эски ордуна жаңы үйлөрдү, соода борборлорун, жана парктарды курабыз. Тарыхый мунаранын айланасын жаңылап, туристтер үчүн ыңгайлуу шарттарды түзөбүз.

**Тоо туризмин өнүктүрүү:** Кара-Кулжа менен Өзгөн тоолуу аймак болгондуктан, тоо туризмин өнүктүрөбүз, эс алуучу жайларды куруп, туристтердин ордосуна айлантабыз.

### "БИЛИМДҮҮ ЖАШТАР – БИЗДИН КҮЧҮБҮЗ"

**Жаңы мугалимдер:** Мугалимдер үчүн ар дайым кесиптик өнүгүү курстарын уюштурабыз.

**Китепканалар жана ийгилик мектеби:** Ар бир айылга китепканаларды ачып, элдин билимге болгон кызыгуусун арттырабыз. "Бир адамдан 1000 китеп" долбоорун ишке ашырабыз. Окуучуларды ийгиликтүү, билимдүү инсандар менен жолуктуруп, окууга болгон кызыгуусун күчөтөбүз.

**IT-Академия Өзгөн:** Жаштар үчүн акысыз IT-курстарды ачабыз. Балдар айылдан эле билимдүү, эң сонун кесиптерге ээ болот.

*КРнын ЖК депутаттыгына №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Эсенбай уулу Талантбектин шайлоо фондунун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Жолдубай Шабаев тарабынан төлөндү (Күбөлүгү №743).*




## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №8 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер

## КИРГИЗОВА РАИСА АШИНОВНАнын ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ




### БАШКЫ МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУЧУ БАГЫТТАР

**1. Аялдарды жана үй-бүлөлөрдү колдоо**
Аялдардын укуктарын жана эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча мыйзам долбоорлорун иштеп чыгам. Кош бойлуу жана балалуу энелер үчүн ийкемдүү иш графиктерин жана онлайн жумуш мүмкүнчүлүктөрүн мыйзамдык деңгээлде киргизүү.

**2. Балдардын билим алуусун колдоо**
Аймактардагы мектептерди өнүктүрүү, мугалимдерди колдоо жана билимге тең мүмкүнчүлүк берүү боюнча мыйзам демилгелерин көтөрөм.

**3. Айыл чарбасын өнүктүрүү**
Фермерлерге жана айыл чарба кооперативдерине субсидия, техникалык жардам жана агрардык билим берүү боюнча мыйзам долбоорлорун даярдайм.

**4. Жаштар, спорт жана ден соолук**
Жаштардын спортко, туура тамактанууга жана активдүү жашоого катышуусун камсыз кылган мыйзамдык демилгелерди иштеп чыгам.

**5. Ишкердик жана экономикалык мүмкүнчүлүктөр**
Аял ишкерлерди колдоо, салык жеңилдиктерин жана жөнөкөйлөтүлгөн каттоо жол-жоболорун мыйзам деңгээлинде бекемдейм.

**6. Жергиликтүү бийлик жана ачык бюджет**
Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун сапатын жогорулатуу жана бюджеттин ачыктыгын камсыз кылуу боюнча мыйзам демилгелерин көтөрөм.

**7. Мугалимдерди жана мамлекеттик кызматкерлерди колдоо**
Эмгек акы, мотивация жана кесиптик өнүгүү шарттарын жакшыртуучу мыйзам долбоорлорун иштеп чыгам.

**8. Мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (ГЧП)**
Билим берүү, саламаттыкты сактоо жана инфраструктура тармактарында мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү өнүктүрүү боюнча мыйзам долбоорлорун сунуштайм.

**9. Экология жана климаттык коопсуздук**
Жашыл энергияны өнүктүрүү, суу ресурстарын сактоо жана экологиялык коопсуздукту мыйзам аркылуу колдоо.

**10. Тоолуу жана алыскы аймактарды өнүктүрүү**
Тоолуу аймактардагы элдин жашоо шартын жакшыртуу боюнча инфраструктура, билим берүү жана салык жеңилдиктерин камтыган мыйзам долбоорлорун көтөрөм.

### МЕНИН БААЛУУЛУКТАРЫМ

- Адилеттүүлүк жана теңдик
- Эл алдындагы жоопкерчилик
- Диалог жана кызматташтык
- Ачыктык жана ак ниеттүүлүк

**«Мен эл үчүн иштейм, эл менен иштейм!» Элдин үнүн угуп, көйгөйүн мыйзамга айландыруу — менин башкы максатым.**

*КРнын ЖК депутаттыгына №8 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер Киргизова Раиса Ашиновнанын шайлоо фондунун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Элиза Таланова тарабынан төлөндү (Күбөлүгү №801).*

## ШАЙЛООДО МЫЙЗАМ БУЗУЛБАСЫН

Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы Тынчтыкбек Шайназаров Жогорку Кеңештин шайлоосуна талапкер болуп катталгандарга кайрылып, шайлоочулардын добушун сатып алуу, мыйзамсыз үгүт жүргүзүү жана шайлоонун башка катышуучуларынын кадыр-баркына шек келтирген аракеттерге жол берилбей турганын билдирди. Ал шайлоо Президент Садыр Жапаровдун көзөмөлүндө экенин, Мамлекет Башчысы шайлоонун адилет, ачык-айкын жана мыйзамдын чегинде өтүшүнө көңүл буруп жатканын кошумчалады. “Бардык талапкерлерге жана алардын тарапташтарына эскертем, үгүт иштери мыйзамдын алкагында, шайлоочуларга жана атаандаштарга болгон сый-урмат менен жүргүзүлүшү зарыл. Эгерде мыйзам бузуулар аныкталса, талапкердин каттоосун жокко чыгарууга чейинки катуу чаралар көрүлөт. Кол тийгис адамдар жок. Баары мыйзам алдында бирдей” деди Тынчтыкбек Шайназаров. Эске сала кетсек, парламентке кезексиз шайлоо 30-ноябрда болот.

## ЭКИ ГЭСтин ГИДРОАГРЕГАТТАРЫН ОҢДОО АЯКТАДЫ

Энергетика министрлиги Токтогул гидроэлектрстанциясынын (ГЭС) №3 агрегаты, Үч-Коргон ГЭСинин экинчи гидроагрегатынын реконструкциялоо иштери аяктап, тестирлөө жумуштары башталганын билдирди. Белгилей кетсек, Токтогул ГЭСинде төрт агрегат бар. №4 агрегат 2022-жылы жана №2 агрегат 2023-жылы, №1 агрегаты 2024-жылы оңдоодон өткөн. Эми №3 агрегат иштеп баштаса, ГЭСтин кубаттуулугу 1440 мВт көбөйөт. Буга чейин Токтогул ГЭСинин кубаттуулугу 1200 мВт болчу. Ал эми Үч-Коргон ГЭСинде реконструкция иштери 2024-жылы башталып, биринчи гидроагрегат толугу менен алмашылып, 9 мВт кубаттуулук кошулган. Экинчи гидроагрегаты жаңыланып, дагы 9 мВт кубаттуулук кошулду. ГЭСтин калган эки гидроагрегатын 2026-жылы реконструкциядан өткөрүү пландалууда. Жалпы төрт гидроагрегат алмашылгандан кийин ГЭСтин кубаттуулугуна 36 мВт кошулат.

**“Эркин-Тоо” пресс**

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №3 шайлоо округу боюнча талапкер

# МАХАБАТ МАВЛЯНОВАнын

## шайлоо алдындагы программасы

***(Кызыл-Кыя шаары; Баткен облусунун Кадамжай районундагы А. Масалиев жана Үч-Коргон айылдары; Ноокат районундагы Т. Кулатов, Төөлөс, Көк-Жар айылдары; Ош облусунун Араван районундагы Төө-Моюн айылы)***

***Мен, Махабат Эргешовна Мавлянова, Ноокат районунун Т.Кулатов айылынын тургуну, туулган жерим, элим менен ички турпатым, жан-дүйнөм терең байланышта. Менин максатым – аймакты өнүктүрүүдөн баштап, күчтүү, адилеттүү, өнүккөн өлкөнү биргелешип куруу үчүн парламентте сиздердин өкүлүңүздөр болуу.***

**Айыл аймактардын көйгөйлөрү:**

1. Жумушсуздуктун жана миграциянын жогорку деңгээли, өзгөчө жаштар арасында;
2. Айыл чарба продукциясын кайра иштетүүчү ишканалардын жана логистикалык борборлордун жоктугунан айыл чарба продукциясын сатуунун жетишсиздиги;
3. Мамлекеттик насыяларды алуу чектелүү жана татаалдаштырылган;
4. Айыл жерлерин ичүүчү суу менен камсыз кылуунун жетишсиздиги;
5. Айдоо жерлерине сугат суунун өтө тартыштыгы;
6. Өнөр жай курулушу үчүн жер алуунун кыйынчылыгы, керектүү инфраструктуранын жоктугу.

**Сунуштар жана ишке ашыруу механизмдери:**

1. Айыл чарбасын өнүктүрүү максатында ири масштабдуу мамлекеттик программаларды, иштеп чыгуу үчүн мыйзамдык базаны кабыл алуу, анын ичинде төмөнкү багыттарды багынтуу:
   - фермерлер жана айылдык ишкерлер үчүн жеңилдетилген насыяларга жана гранттарга жеткиликтүүлүктү кеңейтүү;
   - ирригациялык системаларга инвестицияларды көбөйтүү жана айыл калкын жана кичи шаарларды өнүктүрүүнү колдоо;
   - кайра иштетүүчү региондук кластерлерди түзүү: сүт азыктары, мөмө-жемиштер, текстиль ж.б.;
   - аймактык айыл чарба консультациялык борборлорун жана фермерлер үчүн санариптик платформаларды чыңдоо.
2. Жаштардын демилгелерин колдоо жана чет өлкөдө сапаттуу билим алууга көмөктөшүү.
3. Өнөр жай ишканаларын курууга, анын ичинде айыл чарба продукциясын кайра иштетүүгө инвестицияларды тартуу үчүн зарыл инфраструктурасы бар өнөр жай зоналарын түзүү боюнча мыйзам долбоорун иштеп чыгуу (Түркия, Россия, Өзбекстан жана башка өлкөлөрдүн мисалдары менен).
4. Экспорт үчүн товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сертификациялоонун жөнөкөйлөштүрүлгөн жол-жоболорун түзүү.
5. Туризмди комплекстүү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү жана туристтик объектилерди алдыга жылдыруу.
6. Башка демилгелер.

**Менин иш принциптерим:**

***Ачыктык:*** *дайыма отчеттор, райондун жашоочулары менен жолугушуулар, социалдык тармактар аркылуу иш алып баруу*

***Жоопкерчилик:*** *ар бир убада конкреттүү иш-аракеттер планы менен бекемделет*

***Өнөктөштүк:*** *жергиликтүү бийлик, бизнес, чет элдик инвесторлор жана эл аралык уюмдар менен иштөө.*




*КРнын ЖК депутаттыгына көп мандаттуу №3 шайлоо округунан талапкер Махабат Мавлянованын шайлоо фондунун эсебинен финансы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Мавлянова А.Э. тарабынан төлөндү. (Күбөлүк №212).*

## Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына №23 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкер ЧАЛОВ ИЛЬЯЗ АЛМАЗОВИЧтин ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ




***Менин негизги максатым – Биринчи Май районун ар бир жаран үчүн ишенимдүү, ыңгайлуу жана көп мүмкүнчүлүктөрдү берүүчү жайга айландыруу. Бул жерде жарандар ыңгайлуу шарттарда жашап, балдар коопсуздукта чоңоюп, бизнес тармагы гүлдөп өнүгүшү керек. Биз камкордукка жык толгон, таза экологияга багыт алган, маданиятка жана алдыга жылууга өбөлгө түзгөн заманбап шаар чөйрөсүн түзөбүз.***

**Бишкекке полицентризм керек**

Биз шаарды өнүктүрүүнүн полицентрдик моделин калыптандырууну демилгелеп жатабыз, мында ар бир район өз алдынча жашоого ылайыктуу аймакка айланат.

Бул эмнени билдирет?

● Адамдар үйгө жакын жерде иштеши үчүн жергиликтүү бизнес аймактарын түзүү зарыл.

● Жарандар социалдык мүмкүнчүлүктөрдү жөө басып барып эле ала тургандай болушу керек.

● Ар бир райондун өзүнүн «борбору» болушу керек – жашылдандырылган аянт, парк же иш-чаралар өткөрүлө турган, базар иштеген жана тургундар чогулган коомдук жай.

● Транспорттук байланышты камсыз кылуу керек – райондордун ортосундагы ыңгайлуу байланыш шаарды бирдиктүү система катары өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.

**Социалдык өнүгүү жана калктын саламаттыгы**

Биринчи Май району ордо калаабыздын борбордук району катары социалдык адилеттүүлүктүн жана гумандуу мамиленин үлгүсү болушу керек.

Медициналык жардам жеткиликтүү болуп, ооруканаларда кезек күтүү болбошу абзел жана ар бир наристе бала бакчадан тарбия алышы зарыл.

Калк жыш жайгашкан аймактарда жаңы үй-бүлөлүк дарыгерлик борборлорун, бала бакчаларды ачууну демилгелеп жатабыз.

Көп балалуу үй-бүлөлөрдү, пенсионерлерди жана мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарды колдоо программаларын кеңейтүү керек.

Талантту жаштар үчүн райондук стипендия демилгесин жолго коёбуз.

Биз акысыз кружокторду, спорттук секцияларды ачып, өспүрүмдөр үчүн кеңеш берген борборлорду уюштурушубуз керек.

**Жашоо үчүн жагымдуу чөйрө борбордо гана эмес, жаңы конуштарда**

Заманбап шаар адамдар жашагысы келген короодон башталат.

Ар бир короо-жай жакшы каралышы керек: жарыктандыруу, тротуарлар, балдар аянтчалары, унаа токтотуучу жайлар.

Турак жай ээлеринин шериктештиктерине жана активдүү жарандарга жашылдандыруу үчүн гранттык системаны ишке ашыруу зарыл.

Биз үйлөрдүн короолору боюнча иштеген долбоорлор боюнча бардык райондук программаларды кайра карап чыгышыбыз керек – кайталоонун жана башаламандыктын ордуна тартипти жана айкындуулукту киргизебиз.

Тазалык жана жашылдандыруу боюнча жаңы стандарттарды киргизебиз.

**Экология жана таза аба**

Бишкек түтүнгө тумчугуп жатат жана биз ага каршы аракет кылышыбыз керек.

Элдин жылытуу системасын электр жана газга өткөрүү үчүн субсидияларды киргизишибиз керек.

Биз жеке сектордү этап-этабы менен экологиялык модернизациялоону баштashыбыз керек.

Көчөлөргө, короолорго, мектеп аянтчаларына массалык түрдө көчөт отургузуу иштерин жүргүзүшүбүз керек.

Биз биргелешип өнүктүрүүгө мораторий киргизүү менен учурдагы парктарды жана скверлерди сактап кала алабыз.

Биз абанын сапатын көзөмөлдөө программасын иштеп чыгып, турак жайларга экологиялык сенсорлорду орнотобуз.

**Маданият жана туризм**

Биринчи Май району – бул тарых менен заманбап энергиянын айкалышы.

Тарыхый көчөлөрдү бойлой жөө туристтик маршруттарды түзүүнү демилгелеп жатабыз.

Биз кулинардык жана кол өнөрчүлүктүн аттракциондорун – кофе дүкөндөрүнөн баштап устаканаларга чейин өнүктүрүүбүз керек.

Фестивалдарды, маданий жармаңкелерди колдоого алышыбыз абзел.

Райондук туристтик гиддерди жана интерактивдүү карталарды түзүү программасын иштеп чыгабыз.

Биринчи Май эл бизнес үчүн гана эмес, дем алуу үчүн да келген районго айланышын камсыз кылабыз.

*№23 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер И.А. Чалов тарабынан буюртма берилген. Буюртма талапкердин шайлоо фондунан каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Узенова А.У. (каттоо күбөлүгү №164) тарабынан төлөндү.*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## №4 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР

# НАДИРА НАРМАТОВАнын

## ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ

## "ӨЛКӨБҮЗ ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖОЛУНДА"




**Урматтуу кыргызстандыктар!**

*Алдыбызда дагы бир тагдыр чечер окуя турат, бул — келе жаткан парламенттик шайлоо. Аны кандай өткөрөрүбүздөн мамлекеттин келечеги көз каранды. Буга чейинки шайлоолор кандай өткөнүн бардыгыбыз билебиз. Өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсү үчүн кесипкөй, күчтүү, тажрыйбалуу адистер келиши керек.*

*Алдыда дагы чоң милдеттер жана жоопкерчиликтүү иштер күтүп турат. Менин өлкөбүздүн өнүгүүсүнө жана элдин турмуш шартын жакшыртууга үзүрлүү салым кошуу максатында, төмөнкү багыттар боюнча иш алып барам.*

### 1-багыт. Мамлекеттин туруктуулугун камсыз кылуу:

- Мамлекетибизде демократиялык институттарды өнүктүрүү менен бирге, алардын элдин кызыкчылыгы, өлкөбүздүн туруктуулугу үчүн жоопкерчилигин арттырганга аракеттерди жасоо;
- Өкмөттүк эмес уюмдардын эркин өсүүсүнө шарттарды түзүү менен, алардын коом ичиндеги жоопкерчилигин жогорулатуу боюнча иш алып баруу;
- Жеке жарандарды жана бизнес чөйрөсүн коргоо, ошондой эле кылмыштуулукту азайтуу багытында укук коргоо органдарынын ишин натыйжалуу нукка сала турган мыйзам долбоорлорун иштеп чыгуу.

### 2-багыт. Экономикалык чөйрөдөгү маселелер:

- Түз салыктардын пайдасына кыйыр салыктарды азайтуу;
- Чакан, орто жана ири бизнести өнүктүрүүгө багытталган мыйзамдарды кабыл алууга жетишүү;
- Бажы жана салык кызматтарынын кызмат көрсөтүүлөрүн санариптештирүүнү күчөтүү багытында өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү;
- Көзөмөлдөөчү органдардын ашыкча контролдук функцияларын жоюуга сунуш берүүнү колго алуу;
- Туруктуу экономика, иш орундарын түзүү жана ишкерлерди колдоо.
- Салык кодексине бир топ өзгөртүүлөрдү киргизүү менен ири жана чакан бизнести өнүктүрүү;
- Аймактарда өндүрүш ишканаларын ачууга жеңил насыяларды берүү;
- Инвесторлор үчүн ишенимдүү жана таза шарт түзүү;
- Жаңы технологияларды жана санарип экономикасын өнүктүрүү;
- Жолдорду, суу жана электр системаларын оңдоо аркылуу инфраструктураны жакшыртуу.
- Ар бир аймакта жумуш орундарын түзүү, элдин жана өлкөнүн ички өндүрүшүн жогорулатуу багытында жергиликтүү бийликтер менен иштөө.
- Жарандардын жашоо шартын жакшыртуу максатында экономика жана социалдык маселелер боюнча мыйзамдарды иштеп чыгуу;

### 3-багыт. Мамлекетте элдердин ынтымагын бекемдөө:

- Кандай гана позитивдүү идеялар, концепциялар, программалар жана пландар болбосун, коомдо ынтымак жок болсо, алар ишке ашпай калышын билгендиктен ошол багытта иш алып баруу;
- Кыргызстан көп улуттуу мамлекет болгондон кийин, бардык жарандарыбыз өздөрүнүн улутуна карабастан, бир үй-бүлөнүн балдарындай ынтымакта жашоого милдеттүү экенибизди коомчулукка жеткирүү;
- Кыргызстандагы бардык улуттун өкүлдөрүн ынтымак-ырашкерликке чакыруу менен, конкреттүү иш-чараларды иштеп чыгып, ырааттуу иш алып баруу.

**Жергиликтүү өз алдынча башкарууда:**

- Демократиянын түздөн-түз формаларын – жергиликтүү курултайларды, жарандардын көйгөйлөрүн жана чогулуштарын өнүктүрүүгө шарт түзүп берүү;
- Бөлүштүрүлгөн салыктардын үлүшүн жергиликтүү бюджеттердин пайдасына көбөйтүү;
- "Электрондук айыл өкмөтү" тутумун кеңири киргизүү.

### 4-багыт. Улуттук маданият жана баалуулуктарды өнүктүрүү:

- Жогорку моралдык жүрүм-турум эрежелерин, салт-санааларды, салттуу үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону издештирүү, Кыргызстан элдеринин маданий мурастарын, кайталангыс өзгөчөлүктөрүн жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына жетүү, ошондой эле жарандарды тарбиялоону колдоо — бул мамлекеттик саясатка салым кошуу. Музей, китепкана, маданият үйлөрүнүн абалын жакшыртуу жана мамлекеттик бюджеттен акча бөлдүрүп, шарттарды түзүүнү колго алуу;

### 5-багыт. Мамлекетибиздин келечеги:

Балдарды коргоого, алардын эркин жана чың ден-соолукта өсүшүн камсыз кылууга, татыктуу кесипке жана жашоо шарттарына ээ болуусуна мамлекеттик мүмкүнчүлүктөрдү бекитүү үчүн конкреттүү мыйзамдык жана практикалык аракеттерди жасоо.

### 6-багыт. Билим берүү чөйрөсүндө:

- Квалификациясынын өсүшүнө жараша материалдык стимул берүү менен мугалимдердин кесиптик жана карьералык өсүшүнүн натыйжалуулугун ишке ашырууга мыйзамдарга сунуш берүү;
- Өлкөдөгү бардык билим берүү мекемелеринин сапатына көңүл буруу.
- Окуучулардын окууга болгон кызыгуусун шыктандыруучу программаларды сунуштоо.
- Ар бир балага сапаттуу билим, ар бир жашка татыктуу келечек.
- Мектептерди заманбап жабдуулар менен камсыз кылуу;
- Мугалимдердин эмгегин баалоо жана маянасын жогорулатуу;
- Айыл жеринде мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү мекемелерине кошумча имараттарды куруу, ошондой эле заман талабына ылайык электрондук каражаттар менен камсыздоо жана санариптештирүүнү күчөтүү багытында иш алып баруу;
- Жогорку окуу жайларда билим сапатын көзөмөлдөө жана практикалык сабактарды көбөйтүү жөнүндө мыйзам аркылуу бекитип берүүнү колго алуу;
- Жаштар үчүн стипендия, грант жана эл аралык окуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жетишүү.

### 7-багыт. Саламаттыкты сактоо чөйрөсүндө:

- Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн негизинде саламаттыкты сактоого инвестицияларды тартуу;
- Эпидемияга даярдыкты күчөтүүдө ылайыктуу иш-аракеттердин пландарын иштеп чыгуу, маалыматтарды чогултуу ыкмалары, жугуштуу ооруларга мониторинг жүргүзүү;
- Оорулардын алдын алуу, ар кандай мамлекеттик органдар менен макулдашуу механизмдерин иштеп чыгуу жана багыт берүү;
- Медициналык туризмди жайылтуу жана колдоо багытында мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү.

***Экология чөйрөсүндө:***

- Курчалган чөйрөнү коргоо мыйзамдарын жана айлана-чөйрөнү коргоо боюнча мамлекеттик институттар менен биргеликте иш алып баруу, мыйзамдарга өзгөртүү - толуктоолорду киргизүү;
- Мөңгүлөрдү бузган иштерге тыюу салуу жөнүндө сунуш берүү;
- Электр энергиясын өндүрүү жана жылытуу үчүн көмүрдү пайдаланууну азайтып, коопсуз булактарга өткөрүү;
- Чакан ГЭСтерди куруу боюнча долбоорлорду колдоо.

***Өкүлчүлүк милдетти аткаруу:***

- Шайлоочулар берген социалдык инфратүзүмдөрдү оңдоп, түзөө, куруу багытында берген тапшырмаларын, суроо-талаптарын, кайрылууларын иш жүзүнө ашырууда аткаруу бийлиги менен тыгыз байланышта иш алып баруу; - Жалпы бийлик бутактары менен элдин ортосунда көпүрөлүк жана өкүлчүлүк милдетти аткарууда, мыйзам ченемдүү түз жеткирүү менен, анын аткарылышын көзөмөлдөө.

**ЭЛДИН КЫЗЫ БОЛУП, ЭЛГЕ КЫЗМАТ КЫЛУУ – МЕН ҮЧҮН СЫЙМЫК!**

*КР ЖК депутаттыгына №4 шайлоо округунан талапкер Нарматова Н.А. буюртмасы боюнча даярдалды. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Нарматов Ж.Б. тарабынан шайлоо фондунан каржыланды. (БШК №568)*

МАЙДА, БИРОК МААНИЛҮҮ

## ТОГУЗ АЙДА 103 МИЛЛИОН СОМ ЗЫЯН КЕЛТИРИЛГЕН



2025-жылдын алгачкы тогуз айында Кыргызстан боюнча экологиялык 3755 мыйзам бузуу аныкталып, мамлекетке жалпысынан 102,85 миллион сом зыян келтирилген. Бул тууралуу Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги билдирди.

Министрликтин маалыматына таянсак, жер ресурстары боюнча – жалпысынан 39,58 миллион сомдук 337 мыйзам бузуу катталган. Абаны булгоо боюнча – 17,55 миллион сомдук 798, жапайы жаратылышка зыян келтиргендер – 843 учур, калдыктарды туура эмес таштагандар 8,69 миллион сомдук 587 мыйзам бузушкан. Калган мыйзам бузуулар өнөр жай, тоо-кен көзөмөлү, суу ресурстары сыяктуу тармактарга байланышкан. Кызыгы, Президент Садыр Жапаровдун экологияны сактоого жана мыйзам бузбоого чакырган бир нече кайрылууларына карабай, 2024-жылдын январь-сентябрь айларына салыштырмалуу эреже бузуулардын саны 2015 учурга, ал эми зыян 49,19 миллион сомго көбөйгөн. Ошентип жалпысынан 3033 эреже бузуудан 72,77 миллион сом өндүрүлгөн. Андыктан министрлик учурда экологиялык мыйзам бузууларга катуу күрөш жарыялап, мониторинг, көзөмөлдү күчөткөнүн малымдады.

## COVID-19бу?



Саламаттык сактоо министрлиги курч респиратордук вирустук инфекциялардын сезондук өсүшүнө байланыштуу алдын алуу чараларын күчөттү. Анткени Кыргызстанда апта сайын тумоолоп калгандардын саны 7000ге чейин жетүүдө. Ноябрдын башында бир жумада курч респиратордук вирустук инфекциялардын 6787 учуру катталды. Бул октябрь айынын акыркы жумасына салыштырмалуу 3,3 пайызга көп.

Министрликтин маалыматы боюнча, оорунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек жана Ош шаарларында, ошондой эле Нарын, Ысык-Көл жана Чүй аймактарында катталууда. Жуктуруп алгандардын 63,7 пайызы 14 жашка чейинки балдар болгон.

Учурда сезондук инфекциялардын алдын алуу иш-чараларынын алкагында Саламаттык сактоо министрлиги сасык тумоого каршы эмдөө өнөктүгүн аяктап жаткандыгын билдирүүдө. Тобокелдик тобундагы топтор үчүн Гриппол Плюс вакцинасынын 63 700 дозасы сатылып алынган. Эмдөөлөрдүн 90,5 пайызы бүткөн. Өлкө боюнча лабораториялар сасык тумоо диагнозун коюу үчүн кошумча 10 000 тест комплекттерин алышты жана бир катар алдын алуу чаралары киргизилген. Ошого карабастан республикадагы бардык саламаттыкты сактоо мекемелеринде беткап тагынуу милдети киргизилди. Бала бакчаларда, мектептерде жана университеттерде дезинфекциялоо жана желдетүү чаралары күчөтүлдү.

Ал эми министрлик "Эпидемиологиялык кырдаал көзөмөлдө жана туруктуу бойдон калууда. Курч респиратордук инфекцияларды, сасык тумоо жана COVID-19 учурларын көзөмөлдөө уланууда", деп билдирди. Бирок, COVID-19 вирусунун жайылышы боюнча маалымат бере элек. Азыркы тумоо кадимки КРВИ экендиги айтылууда.

**"Эркин-Тоо" пресс**

## №30 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР

# НУРДИНОВ БЕЙШЕНАЛЫнын

## ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ

**Депутат болуп шайлансам, төмөнкү маселелерди көтөрөм**

**1. Реформаларды жасоо үчүн жаңы мыйзамдарды чыгаруу жана иштеп жаткан мыйзамдарга өзгөртүү киргизип, азыркы жашоого ылайык келтирүү;**

**2. Жеке ишкерлерди колдоо: салыктарды карап чыгып, алардын түрүн азайтуу, пайда алуу үчүн жеке ишкерлерге мөөнөт берүү жана салыктан бошотуу;**

**3. Миграцияда жүргөн мигранттар үчүн өз өлкөсүндө иш жүргүзүүгө ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн мыйзам даярдоо жана ошондой эле жаңы жумуш орундарын түзүү;**

**3.1** Ат-Башы районунун аймагына инвестор тартуу менен соода-логистика борборун куруу. Бул багыт кошумча жумуш орундарын түзүү менен Ат-Башы, Ак-Талаа, Нарын районунун жана Нарын шаарынын жергиликтүү бюджетин толтурууга чоң өбөлгө түзөт;

**4. Айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн шарт түзүү:**

**4.1** Малдын сапатын текшерип турууга көчмө ветсервис уюштуруу;

**4.2** Иштетилбей жаткан кургак жерлерге ирригациялык каналдарды куруу;

**4.3** Алыскы жайыт жолдорун оңдотуу, көпүрө салуу;

**4.4** Айылдын ички жолдорун асфальттоого көмөк көрсөтүү же мамлекеттик бюджеттен акча каражаттарын бөлдүрүү;

КНР – КРнын чегара постундагы пропуск-өткөрүү системасындагы талапты Ат-Башы, Ак-Талаа, Нарын райондорунун тургундарынан алып салуу;

**5. Экологияны жакшыртуу:**

5.1 Аймакты ыштан, түтүндөн арылтуу максатында газ жана Күн энергиясын колдонуу менен ишке ашыруу;

5.2 Нарын шаарын жана аймактык райондорду жашылдандыруу программасын киргизүү жана жакшыртуу;

**6. Тоо кендерин жана муңайзатты өндүрүү:**

**6.1** Тышка чыгып жаткан концентрат, рудаларды жөнгө салуу;

**6.2** Нарын шаарындагы жана Ат-Башы районундагы кирпич чыгаруучу ишканаларды жандандыруу;

**7. Социалдык чөйрө жана саламаттыкты сактоо:**

**7.1** КРда төрөлгөн балдарга ата-энесинин жашоо шартына карабай айына 1500-2000 сомдон төлөө керек. Кийинки муун мамлекеттин келечеги экендигин унутпашыбыз зарыл. Ден-соолугу чың коом – күчтүү мамлекет;

**7.2** Мугалимдердин, бала бакчада иштеген тарбиячылардын айлык маянасын эки эсеге көбөйтүү;

**7.3** Медицина кызматкерлеринин билимине, тажрыйбасына жана эмгегине жараша татыктуу эмгек акы менен камсыз кылуу;

**7.4** Мектептерде билимдин сапатын көтөрүү максатында компьютер-оргтехникалар менен жабдуу жана жетишсиз окуу куралдары менен камсыз кылуу;




*№30 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкер Нурдинов Бейшеналынын шайлоо фондунун каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Бейшеналиева А.Б. тарабынан төлөндү. (Күбөлүк №388)*

---



## №10 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУНАН ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР

# НУРЗИДА КАСЫМОВАнын

## ШАЙЛОО АЛДЫНДАГЫ ПРОГРАММАСЫ

**№6**

## БИР МАКСАТ – БИР ЭЛ – БИР КЕЛЕЧЕК!

Кыргызстандын өнүгүүсү элдин биримдиги, жоопкерчилиги жана иш менен далилденген аракет аркылуу камсыздалат.

Негизги максат – билим берүү, экономика жана социалдык тармактарда туруктуу өсүшкө жетишүү, ар бир жаран үчүн татыктуу жашоо шартын түзүү жана мамлекетке болгон ишенимди бекемдөө.

### 1. БИЛИМ БЕРҮҮ – КЕЛЕЧЕКТИН НЕГИЗИ

- ар бир балага сапаттуу, жеткиликтүү билим;
- жеткиликтүү каржылоо;
- мугалимдердин статусун жана эмгек акысын жогорулатуу;
- 3 жаштан баштап мектепке чейинки билимди милдеттүү киргизүү;
- "Бизнестен билимге" демилгесин ишке ашыруу;
- жаш адистерди айылдык билим берүү мекемелерине тартуу үчүн стимулдук программаларды ишке киргизүү.

### 2. САЛАМАТТЫК САКТОО ЖАНА СОЦИАЛДЫК АДИЛЕТТИК

- ар бир жаранды сапаттуу жана жеткиликтүү медициналык тейлөө;
- райондук деңгээлде мамлекеттик кепилдик программаларын киргизүү;
- майыптыгы бар жана социалдык жактан муктаж жарандарды толук колдоо;
- пенсия жана жөлөкпулдарды инфляцияга жараша индексациялоо;

### 3. ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮ

- аймактык индустриялык зоналарды жана технопарктарды өнүктүрүү;
- улуттук өндүрүүчүлөргө мамлекеттик сатып алууларда артыкчылык берүү;
- чакан жана орто ишканаларды салыктык стимулдар менен колдоо.

### 4. АЯЛДАРДЫН ИШМЕРДИГИН ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ИШКЕРДИКТИ КОЛДОО

- аялдарга жеңилдетилген насыя жана салык жеңилдиктерин берүү;
- үй-бүлөлүк бизнесин өнүктүрүү;
- "Кыргыз бренди" менен продукцияларды өндүрүү жана онлайн сатууну колдоо;

### 5. ЖАШТАР ЖАНА МИГРАЦИЯ

- айыл жергесинде туруктуу жумуш орундарын түзүү;
- жаштар үчүн стартап жана чакан бизнес программаларын ишке киргизүү;
- санариптик көндүмдөрдү өнүктүрүү жана кесиптик билим берүүгө колдоо;
- жаштардын үй-бүлө институтун чыңдоо жана коомдук жоопкерчилигин жогорулатуу.

### 6. ТУРИЗМ ЖАНА ЭКОЛОГИЯ

- туризмди өнүктүрүү үчүн инфраструктура жана салык жеңилдиктерин камсыз кылуу;
- жолдорду, коопсуздук жана санитардык шарттарды жакшыртуу;
- жергиликтүү туризмди өнүктүрүүдө мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү колдоо;
- "Бир адамдан – бир көчөт" экологиялык демилгесин мыйзамдаштыруу.

### 7. ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ ЖАНА АЧЫК БАШКАРУУ

- мыйзам чыгарууда элдин турмушуна түз таасир этүүчү чечимдерди кабыл алуу;
- аймактардын өзгөчөлүгүнө ылайык социалдык-экономикалык саясат жүргүзүү;
- шайлоодо тең атаандаштыкты камсыз кылуу үчүн мыйзамдарды жакшыртуу;
- мамлекеттик башкарууда ачыктык, кесиптик этика жана жоопкерчилик принциптерин бекемдөө.

*№10 көп мандаттуу шайлоо округунан КР ЖК депутаттыгына талапкер Нурзида Касымованын шайлоо фонду тарабынан төлөндү (Күбөлүк №439)*

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

САЛЫК КЫЗМАТЫНА 35 ЖЫЛ

## Кыргыз Республикасынын салык кызматынын Ош шаары боюнча башкармалыгынын башчысы Нурбек САТЫБАЛДИЕВ:

# "ЖАКШЫ ШАРТ, ЖАГЫМДУУ МААНАЙ ИЙГИЛИКТЕРДИ ЖАРАТУУГА ДЕМ БЕРЕТ"



**- Нурбек Абдимажитович, 10 айлык план-милдеттенмеңиздерди ай толук аяктай электе эле ашыгы менен аткарып салыпсыздар. Демек, сиздер үчүн ар бир күндүн ирмемдери кымбатка турат окшобойбу. Кесиптештериңиздердин жоопкерчилиги жогорулаган сайын аракеттер акыбетин берет. Мына ушул багытта баарлашсак...**

- Ош шаары кең мекенибиздин экинчи борбору деп бекеринен айтылган эмес. Эли-журтубуздун эмгекчилдиги, жеке ишкерликке айрыкча кадам таштаганы салык төлөөчүлөрдүн санын эле эмес, сапатын да көтөрүүдө. Эң башкысы, өндүрүш тармагы терең тамырлап, жаңы ишкана жана мекемелер ачылууда. Алар менен биримдикте иштөө, салык жаатында тил табышуу кайтарымын эки-үч эселеп берүүдө.

Негизинен 160ка чукул салык боюнча кадрлар эмгектенет. Эки орун басар, 7 бөлүм бар. Мамлекеттик кызматтын кызматчылары таза иштөөгө милдеттүү. Андыктан ар бир жыйын, чогулуштарда чогуу чечилүүчү маселелерди ийне-жибине чейин талдап, тактыкты талап кылабыз. Шалаакылык, кайдыгерлик бизге жарашпайт. Тиешелүү мыйзам чегинде мээнеттенсек, албетте кемчиликтер четтейт. Айтканга жүзүбүз жарык.

10 айлык план-милдеттенмелерибизди 25-октябрда эле аткарууга жетиштик. 2025-жылдын октябрь айы үчүн жеткирилген бир айлык планыбыз 763 млн 762,2 миң сом болсо, иш жүзүндө 847 млн 734,1 миң сом ашыгы менен жыйналды. Ачык айтсак 10 айлык план 83 млн 971,9 миң сомго көп чогулуп, 111%га аткарылды. Кесиптештеримдин аракеттери текке кетпеди. Жемиштүү эмгек үзүрүн берди. Убадага бек турдук. Буюрса айдын аягына чейин да жетишкендиктер болот, салымдар кошулат.

Сөз кезеги келгенде жалпы 10 айлык план-милдеттенмелердин кандай аткарылгандыгы тууралуу да айта кетейин. Мерчемделген планыбыз 6 миллиард 234 миллион 113 миң сом болсо, иш жүзүндө 7 миллиард 42 миллион 756,8 миң сомго жетти. 808 миллион 643,8 миң сом ашык аткарылды. Өсүү темп 113%ды түздү.

**- Санаасы тынч салык төлөөчүлөр жөнүндө да белгилеп кетсеңиз. Салык төлөөгө анчалык маани бербегендерге алдыңкылар үлгү болушат эмеспи.**

- Албетте, алдыңкы салык төлөөчү өндүрүш ишканалары, мыкты ишкерлер менен ар дайым тыгыз иш жүргүзөбүз. Мисалы "Эско-Мунай" ЖЧКсы, ошондой эле "Агро трес голунг" компаниясы салык төлөө жагынан алдына камчы салдырбагандар. Ал эми жеке ишкер Райымжанов С. ЖЧКсы айына 10 миллион сомдун тегерегинде салыгын төлөп, жылдан-жылга көлөмүн төмөндөтө элек. Иштерин жаңыдан баштаган жеке ишкерлер мына ушул жеке ишкерден таалим алса болот. Салык айлык акы, пенсия эле эмес, экономикабыздын жүзү.

**- Кесиптештериңиздин ар бирин атап олтурсак кагаз бети тут келбес. Анткени, ар биринин аракеттери берекесин берип жатат. Мактоого татыктуулардын алдыңкыларын атап кетпейсизби? Атын атаса куту сүйүнөт эмеспи.**

- Ырас, ар бир кызматкеримдин эмгеги ченемсиз. Чоң чөйрөнүн эки тизгин, бир чылбырын кармоо да жеңил болбой калсын. Ар бирине, айрыкча жаштарга жетекчилик кеңешимди берип, ынтымак-ырашкерликти бекемдөөгө аракетим күч. Көп жылдан бери эмгектенип, салык кызматынын ысыгы менен суугуна чыдаган бөлүм башчыларымдын сап башында Акыл Болотов турат. Татаал карыздарды өндүрүү бөлүмүн жетектеп келүүдө. Жакшы иштеген инспекторлордон Кылычбек уулу Нурсултанды атасак жарашат. Учурда Атайын салыктарды көзөмөлдөө бөлүмүндө сектор башчы. Кыздардан асмандагы Чолпон жылдыздай айырмаланып турган улуу инспектор Жумагүл Иркеева жакшы жактары менен ар дайым оозго алынып келүүдө.

Кечээги менен бүгүнкү жетишкендиктерди салыштырып болбойт. Санариптешүү жеткилеңдикти терендетип, электрондук кызматтын жогорку мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу кечээгидей көйгөйлөрдөн ат чабым алыстатты. Заманбап технологиялар тирегибиз.

**- Нурбек Абдимажитович, быйыл жылытуу системаңыздарды толук капиталдык оңдоодон өткөрүп алыпсыздар. Буюрса, кыштан жылуу чыгасыздар. Көптөн бери көтөрүлүп келген маселенин саатын чыгаруу зор эрдик экени талашсыз.**

- Жакшы шарт кызматчылардын маанайын көтөрөт. Мамлекетибизге чоң рахмат. 2,5 миллион сом бөлүп беришти. Капиталдык оңдоодон жылытуу системаларыбызды толук бүтүрүп алдык. Эскилиги жеткен жылытуу шаймандарын, жабдууларын тегиз жаңырттык. Кылычын алып кыш келет. Биздин кышка карата даярдыгыбыз аягына чыкты. Баса, мэриянын жардамын, колдоосун да айтып кетпесек болбойт. Жайында имаратыбыздын астын 100 квадрат жерди жаркыратып асфальттап беришти. "Эшигин көрүп, төрүнө өт" деп бекеринен айтылбаган экен.

Жыл да аяктап баратат. Быйылкы жылды жогоркудай айтарлык көрсөткүчтөр менен аяктайбыз. Биримдик менен жасаган аракеттерибиз талаага кетпейт. Албетте, акыбетин берет.

**Айчүрөк Макешова**



*Кеңешип кылган кызмат акыбетин берет*




*35 жылдык майрамды бийик ийгиликтер менен тосуп алышты. Алдыңкылар сыйланды.*

УЛУТТУК БАНКТЫН ЖАҢЫ ДЕМИЛГЕСИ




# ЖАРАНДАРДЫ АЛДАМЧЫЛЫКТАН КОРГООНУН МЕХАНИЗМИ АРАКЕТТЕ

***Өткөн октябрь айынын аягында Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлиги менен биргеликте жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө "Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу механизми" аттуу маанилүү темада пресс-конференция өткөрдү. Бул пресс-конференцияда жарандардын финансылык коопсуздугунун жаңы – кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу механизми ишке киргизилип жаткандыгы жарыяланды.***

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан демилгеленген жана Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан 2025-жылдын 30-июлунда кол коюлган бул механизми жарыяланган күндөн үч ай өткөндөн кийин 2025-жылдын 1-ноябрынан тартып күчүнө кирүүдө. Пресс-конференциянын спикерлеринин бири Улуттук банктын төрагасынын орун басары Бектур Кубанычбекович Алиев тилекке каршы акыркы убактарда Онлайн жолу менен алдамчылыктын деңгээли күн санап жогорулап, Улуттук банкка, укук коргоо органдарына жарандарыбыздан көптөгөн арыздар түшүп жаткандыгын, алдамчылар жаңы ыкмаларды колдонуу менен жарандарыбыздын мойнуна кредиттерди байлап, финансылык кулчулукка алып келишип жаткандыгын айтып, ушундай алдамчылыктардын алдын алуунун эң натыйжалуу механизми – өзүнө-өзү тыюу салуу механизми экендигин, бул механизм коомдук талкуудан өткөндүгүн белгиледи. Андан кийин Бектур Алиев эмне себептен кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу механизми натыйжалуу экендигине токтолуп, жарандар өзүнө-өзү тыюу салууну киргизгенден кийин алдамчылар сиздин паспорттук маалыматтарыңызды, телефон маалыматтарыңызды билген күндө да өлкөдөгү бир да банк же банк эмес финансы-кредиттик уюмдар сиздин атыңыздан насыя бере албай тургандыгын баса белгилеп айтты. Бул механизмдин киргизилип жатышы иштин башталышы гана, ал эми биздин жалпы милдетибиз бул маалыматты Кыргызстандын ар бир жаранына жеткирүү, жакынкы кеңири маалыматтык өнөктүгүбүз башталып, толук нускамаларды жарыялап жарандарыбыздын суроолоруна жооп беребиз.

КРнын Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министри Жаманкулов Азамат Саадатбекович өзүнө-өзү тыюу салуу механизми катары эле андан кантип чыгуу механизми да бар экенин, эгерде жаран өзүнө-өзү тыюу салуудан чыгууну кааласа андан кантип чыгууга боло тургандыгын жана өзүнө-өзү тыюу салуудан чыгуу 12 сааттан кийин күчүнө кире тургандыгын айтты. Бул 12 сааттык мөөнөт жарандын өзүнө-өзү тыюу салуудан чыгуу чечими тууралуу ойлонуусуна берилген убакыт көрүнөт. Министр Азамат Жаманкулов өзүнө-өзү тыюу салуу механизми кибергигиена менен киберкоопсуздук боюнча жүргүзүлүп жаткан иштин бир бөлүгү экендигин жана өзүнө-өзү тыюу салуу механизмин элге кеңири жайылтууда жалпыга маалымдоо каражатынын ролу зор экендигин айтты.

Ал эми пресс-конференцияга катышкан "Түндүк" ачык акционердик коомунун башкармалыгынын төрайымы Жумаева Адилет Витальевна, Улуттук банктын банктык көзөмөл башкармалыгынын башчысы Жапарова Элизат Маратовна, "Ишеним" кредиттик бюро" ЖАКтын директору Дүйшөгулов Марлис Каналбекович жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн өзүнө-өзү тыюу салуу механизми боюнча берген суроолоруна жооп беришти.

Төмөндө Улуттук банк тарабынан жарандар үчүн даярдалган кантип өзүнө-өзү тыюу салууну жана андан чыгууну жүзөгө ашыруу жолдору баяндалган нускаманы сунуштайбыз.

## КРЕДИТ АЛУУГА ӨЗҮНӨ-ӨЗҮ ТЫЮУ САЛУУ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Өзүнө-өзү тыюу салуу – бул жарандын финансы-кредиттик уюмдардан кредиттерди жана зайымдарды өз атына тариздөө мүмкүнчүлүгүн алдын ала чектөөнүн эркин жана ыктыярдуу варианты.

## МЕХАНИЗМДИ ИШКЕ КИРГИЗҮҮНҮН НЕГИЗГИ МАКСАТТАРЫ

- алдамчылыктын алдын алуу жана керектөөчүлөрдү коргоо: уурдалган же жасалма маалыматтарды колдонуу менен башка бирөөнүн атына кредиттерди тариздөө учурларын жоюу, карыз тузактарынын жана талаш маселелердин алдын алуу;
- өзүңүздүн кредиттик профилиңизди көзөмөлдөө: каалаган убакта атыңызга "санарип кулпу" коюу мүмкүнчүлүгү.
- финансылык этияттык: жарандарга негизделген чечимдерди кабыл алууга убакыт берүү.
- тыюу салуу жана аны алып салуу.

Жарандар мамлекеттик электрондук кызмат көрсөтүүлөр порталы (Түндүк мобилдик тиркемеси) аркылуу күнү-түнү каалаган убакта өз алдынча акысыз түрдө тыюу салса же аны алып салса болот.

## КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ

Кыргызстанда эки кредиттик бюро иштейт: КИБ "Ишеним" жана КИБ "СЭС".

Коргоо активдүү саналышы үчүн алардын биринде эле тыюу салуу жетиштүү, анткени кредиторлор эки бюрону тең текшерип турушат.

## ТОКТОТУП ТУРУУ МЕЗГИЛИ

Тыюу салуу дароо алынып салынбайт, арыз берилгенден кийин 12 сааттан кийин гана алынат. Бул убакыттын ичинде жаран алып салууну жокко чыгара алат жана коргоо активдүү бойдон калат. Бул ыкма шашылыш чечимдердин алдын алып, коопсуздукту жогорулатат.

## КРЕДИТОРЛОРДУН МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

Финансы-кредит уюму кредит берүүдөн мурун, активдүү тыюу салуу бар экендигин текшерүүгө милдеттүү. Эгерде бар экендиги аныкталса, кредитор себебин көрсөтүү менен кредит берүүдөн баш тартат.

## ЮРИДИКАЛЫК НАТЫЙЖАЛАР

Эгерде тыюу салуу активдүү учурда кредит берилсе, келишим жараксыз (юридикалык жактан жараксыз) деп эсептелет.

Мында жаран келишим боюнча милдеттенмелерди аткарууга милдеттүү эмес, ал эми кредитор каражаттарды кайтарып берүүнү талап кылууга укугу жок жана бузууга жол берүүлөр үчүн кредитор жоопту болот.

## КЫСКА АРАКЕТТЕР АЛГОРИТМИ

*(Түндүк колдонуусу аркылуу)*

**1. Өзүнө-өзү тыюу салууну орнотуу:**

Түндүк тиркемесине кириңиз – "Кредит алууга өзүнө-өзү тыюу салуу" кызматын тандаңыз – "Өтүнмөнү тариздөө" баскычын басыңыз – кредиттик бюрону тандаңыз – ырастаңыз. Коргоо дароо активдешет.

**2. Тыюу салууну алып салуу:**

Ошол эле кызматка кириңиз – КИБди тандаңыз – "Өзүнө-өзү тыюу салууну алып салуу" баскычын басыңыз. Тыюу салуу 12 сааттан кийин автоматтык түрдө алынып салынат.

**3. Тыюу салууну жокко чыгаруу:**

Өтүнмөнү тапшыргандан кийин 12 сааттын ичинде сиз кызматка кирип, "Өтүнмөнү жокко чыгаруу" баскычын бассаңыз, коргоо активдүү бойдон калат.

**Даярдаган**
**Абдимухтар АБИЛОВ**

## КЫЛМЫШКЕРЛЕР МҮЛКҮ СОТТУН ЧЕЧИМИ ЖОК КОНФИСКАЦИЯ КЫЛЫНАБЫ?

Кылмыш-жаза кодексине, Кылмыш-жаза процесстик кодексине жана Граждандык кодекске өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу мыйзам долбоору коомдук талкууга чыгарылып, мыйзамсыз жол менен алынган мүлктү соттун чечими чыкканга чейин эле мамлекетке конфискация кылуу демилгеси көтөрүлдү. Документтин маалымкат-негиздемесинде кылмыштуу жол менен киреше тапкан айрым адамдар тергөөдөн жашырынып кетип, күбөлөргө басым жасап, далилдерди жок кылып же каза болуп калган учурда анын активдерин мамлекетке алуу мүмкүн болбой калып жатканы жазылган. Андан тышкары мыйзамсыз алынган мүлкүн жакындарына же тааныш-билиштерине каттатып койгон учурлар мисал кылынды. Башкы прокурор Максат Асаналиев конфискация соттун өкүмүнө көз каранды экенин, кылмышкерлердин байлыгы мамлекет үчүн жеткиликсиз болуп жатканын белгиледи.

## ЭТТИН БААСЫ КӨЗӨМӨЛДӨНӨТ

Кыргызстан уй жана кой эти менен өзүн толук камсыздай аларын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинен билдиришти. Ведомствонун маалыматына ылайык, ал эми тоок эти квота боюнча импорттолот – 2025-жылы 58 миң тонна, ал эми 2026-жылы 48 миң тонна тоок этинин импорттолуусу күтүлүүдө. Эске салсак, уй жана кой этинин (сөөксүз эттен тышкары) баасына мамлекеттик жөнгө салуу мөөнөтү 31-декабрга чейин узартылганы маалымдалды. Бул чечим эт рыногундагы баанын кескин өсүшүнө жана алып-сатарлык көрүнүштөргө жол бербөө, ички рыноктогу абалды турукташтыруу жана калктын социалдык жактан аялуу катмары үчүн эттин жеткиликтүүлүгүн камсыздоо максатында кабыл алынды.

## "ЧАКАН ГЭС" КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ ДАЯР

"Чакан ГЭС" ААК күз-кыш мезгилине 100 пайыз даяр экенин Энергетика министрлигинен билдиришти. Маалыматка ылайык, "Чакан ГЭС" ААК өлкөнүн энергетика системасынын ишенимдүүлүгүн жогорулатууга жана күз-кыш мезгилин ийгиликтүү өткөрүү үчүн 2025-жылга жалпысынан 4 гидроагрегатты капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүүнү пландаган. Атап айтсак, Быстровка ГЭСинин №1 гидроагрегаты, 6-ГЭСтин №1 гидроагрегаты, Кичи ГЭСтин №1 гидроагрегаты, 5-ГЭСтин №1 гидроагрегаты бар. Бүгүнкү күнгө 4 гидроагрегат тең толук капиталдык оңдоодон өтүп, ишке берилди. Мындан тышкары, "Чакан ГЭС" ААКтын адистери гидроэлектрстанциялардын негизги жана көмөкчү жабдууларын пландык оңдоодон өткөрүп, модернизациялоо иштерин так жана өз маалында аткарышты.

**"Эркин-Тоо" пресс**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2025-жылдын 18-сентябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122–133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

231-беренеде:

а) 1-бөлүктүн биринчи абзацында «товарларды» деген сөз «товарларды, анын ичинде электрондук соода товарларын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) эскертүүдө «товарлардын», «товарларды» жана «товарлар» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «товарлардын, анын ичинде электрондук соода товарларынын», «товарларды, анын ичинде электрондук соода товарларын» жана «товарлар, анын ичинде электрондук соода товарлары» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине («Эркин-Тоо» гезити, 2021-жылдын 16-ноябры, №122–133) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 360-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«360-берене. Пайдаланууда жана (же) тескөөдө чектелген товарларды, анын ичинде электрондук соода товарларын, ошондой эле шарттуу чыгарылган товарларды жана транспорт каражаттарын пайдалануу жана (же) тескөө тартибин бузуу

Пайдаланууда жана (же) тескөөдө чектелген товарларды, анын ичинде электрондук соода товарларын, ошондой эле шарттуу чыгарылган товарларды жана транспорт каражаттарын бажы мыйзамдарында каралгандан, анын ичинде аларга байланыштуу мындай жеңилдиктер берилгенден башка максаттарда пайдалануу жана (же) тескөө – жеке жактарга 30 эсептик көрсөткүч, юридикалык жактарга 130 эсептик көрсөткүч өлчөмүндө айып пул салууга алып келет.»;

2) 372-берененин аталышында жана текстинде ар кандай жөндөмө жана сан түрлөрүндөгү «товар» деген сөз тиешелүү жөндөмөлөрдөгү жана сандардагы «товар, анын ичинде электрондук соода товары» деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3-берене**

«Бажылык жөнгө салуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2019-ж., №4, 194-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 9-берененин 4-бөлүгүндө «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети» деген сөздөр «бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 11-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Товарлардын айрым категориялары бажы чек арасы аркылуу бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан аныкталган өткөрмө пункттарында гана өткөрүлүшү мүмкүн.»;

3) 14-беренеде «37–43-главаларында» деген сөздөр «37–$43^{1}$-главаларында» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 15-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«15-берене. Товарлардын бажы контролунда турушу

1. Кодекстин 14-беренесинде белгиленген учурларда товарлар бажы контролунда турат деп эсептелет.

2. Бажы органы тарабынан Кодекстин 14-беренесинин 1 жана 3-пункттарында көрсөтүлгөн товарларды, ошондой эле Кодекстин 14-беренесинин 4-пунктунда көрсөтүлгөн, Кодекстин 210 жана 218-беренелерине ылайык Бириктин товарлары деп таанылбаган товарларды авариянын же ал жеткис күчтүн таасиринин натыйжасында жок кылуу жана (же) кайтарымсыз жоготуу фактысын же болбосо ташуунун (транспорттоонун) жана (же) сактоонун нормалдуу шарттарында табигый азаюунун натыйжасында бул товарларды кайтарымсыз жоготуу фактысын таануу, Комиссия тарабынан аныкталуучу учурларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте жүзөгө ашырылат.»;

5) 32-берененин 2-бөлүгүнүн 2-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2) товарлар Кодекстин 37 жана $43^{1}$-главаларына ылайык (жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына карата) бажы чек арасы аркылуу өткөрүлсө;»;

6) 40-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толукталсын:

«6) электрондук соода товарларына карата бажы алымы.»;

б) төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толукталсын:

«3. Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына карата электрондук соода товарларына карата бажы алымы жана Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында бул каралган учурда – салыктар төлөнүүгө тийиш.

Электрондук соода товарларына карата бажы алымы Кодекстин $43^{1}$-главасына ылайык төлөнүүгө тийиш.»;

7) 41-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Бажы жыйымдары болуп төмөнкүлөр үчүн алынуучу төлөмдөр саналат:

1) товарларды чыгаруу менен байланышкан бажы операцияларын бажы органдары тарабынан жүргүзүү;

2) транспорттук каражаттарды бажылык коштоо;

3) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык колдонулуучу навигациялык пломбаларды кошпогондо, колдонулушу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонуу;

4) алдын ала чечимди кабыл алуу.»;

8) 42-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«42-берене. Бажылык коштоо жана навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонуу үчүн жыйым

1. Кодекстин 341 жана 343-беренелеринде белгиленген учурларда бажы органдары бажылык коштоону, ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонууга укуктуу.

2. Товарларды ташып бараткан ар бир транспорттук каражатты, ошондой эле товар болуп эсептелген транспорттук каражатты бажылык коштоо үчүн, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык колдонулуучу навигациялык пломбаларды кошпогондо, колдонулушу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу навигациялык (электрондук) пломбаларды колдонуу үчүн аралыктын ар бир километрине эсептик көрсөткүчтүн 1/10 (ондон бир) өлчөмүндө бажылык коштоо жана навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу үчүн жыйымдар алынат.»;

9) 44-беренеде:

а) 3-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы сүйлөм менен толукталсын: «Электрондук соода товарларына карата Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бажы органдарынын товарларды чыгаруу менен байланышкан бажы операцияларын жүргүзүүсү үчүн жыйымдардын белгиленген өлчөмдөрү аныкталат.»;

б) 5-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«5. Бажылык коштоо үчүн, ошондой эле навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу үчүн бажы жыйымдары бажылык коштоо жана (же) навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу иш жүзүндө жүзөгө ашырылып баштаганга чейин да, багытталган бажы органында бажылык коштоо жана (же) навигациялык (электрондук) пломбаны колдонуу аяктагандан кийин да төлөнүшү мүмкүн.»;

10) 59-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 4-пунктунун 1-пунктчасына ылайык бажы кампасынын бажы жол-жобосунун колдонулушу аяктаганда мындай бажы жол-жобосуна жайгаштырылган, жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларын кошпогондо, бажы алымдарын, салыктарды төлөө мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу же бөлүп төлөө бажы органы тарабынан ички керектөө үчүн чыгаруунун бажы жол-жобосуна жайгаштырылган товарларга карата бажы алымдарын, салыктарды төлөөчүнүн арызы боюнча берилет.»;

11) 84-берененин 5-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

12) 95-берененин 7-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Эгерде чет өлкөлүк товарларды убактылуу сактоо ташып келинген жерде жайгашпаган убактылуу сактоочу жайда жүргүзүлө турган болсо, чет өлкөлүк товарларды ташып келинген жерден мындай убактылуу сактоочу жайга чейин ташуу бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык же болбосо бажы транзитинин бажы жол-жобосуна жайгаштырылбастан жүзөгө ашырылат. Чет өлкөлүк товарларды ташып келинген жерден мындай убактылуу сактоочу жайга чейин бажы транзитинин бажы жол-жобосуна жайгаштырбастан ташуу учурлары жана тартиби, ошондой эле документтин формасы жана аны толтуруу тартиби бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленет.»;

13) 98-берененин 4-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 5-пункт менен толукталсын:

«5) электрондук соода товарларына декларация.»;

14) 103-берененин 2-бөлүгүндө «декларантка же бажылык өкүлгө» деген сөздөр «декларантка, бажы өкүлүнө же электрондук соода операторуна» деген сөздөргө алмаштырылсын;

15) 106-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«106-берене. Укук бузуу же кылмыш аныкталган учурда товарларды чыгаруунун өзгөчөлүктөрү

Укук бузуу же кылмыш аныкталган учурда укук бузуу жөнүндө иш боюнча өндүрүш аяктаганга чейин же кылмыш-жаза иши боюнча өндүрүш аяктаганга чейин товарларды чыгаруу укук бузуу жөнүндө иш боюнча өндүрүштүн же кылмыш-жаза иши боюнча өндүрүштүн жүрүшүндө мындай товарлар алып коюлбаган же аларга камак салынбаган шартта бажы органы тарабынан жүргүзүлөт.»;

16) 110-берененин 4-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

17) 111-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы абзацтар менен толукталсын:

«Ушул главанын жоболору электрондук соода товарларына карата колдонулбайт.

Электрондук соода товарларын Бириктин бажы чек арасы аркылуу өткөрүү тартибинин жана шарттарынын өзгөчөлүктөрү Кодекстин $43^{1}$-главасында аныкталат.»;

18) төмөнкүдөй мазмундагы $17^{1}$-глава менен толукталсын:

«$17^{1}$-глава. Электрондук соода товарларын Бириктин бажы чек арасы аркылуу өткөрүү тартибинин жана шарттарынын өзгөчөлүктөрү

$112^{1}$-берене. Электрондук соода товарларын Бириктин бажы чек арасы аркылуу өткөрүү тартиби жана шарттары жөнүндө жалпы жоболор

1. Электрондук соода товарларын Бириктин бажы аймагына ташып келүүнүн, алардын Бириктин бажы аймагында туруу жана пайдалануу, электрондук соода товарларын убактылуу сактоо, бажылык декларациялоо жана чыгаруу менен байланышкан бажы операцияларын жүргүзүү тартибинин жана шарттарынын өзгөчөлүктөрү, электрондук соода товарларына карата бажы кампасынын бажы жол-жобосунун колдонулушунун, ошондой эле Бириктин бажы аймагынан ташып чыгарылуучу мындай товарларга жана электрондук соода товарларына карата бажы төлөмдөрүн колдонуунун өзгөчөлүктөрү Кодекстин $43^{1}$-главасында жана ушул главада аныкталат.

Электрондук соода товарларын Бириктин бажы аймагынан ташып чыгаруунун тартибинин жана шарттарынын өзгөчөлүктөрү, анын ичинде Бириктин бажы аймагынан товарларды ташып чыгарууга жол берген бажы жол-жоболоруна аларды жайгаштыруу шарттарынын өзгөчөлүктөрү жана мындай бажы жол-жоболорун колдонуунун өзгөчөлүктөрү, Бириктин бажы аймагынан ташып чыгарылуучу электрондук соода товарларына карата бажы операцияларын жүргүзүү тартибинин өзгөчөлүктөрү жана мындай товарларга карата бажы төлөмдөрүн Кодекстин $309^{8}$-беренесинин 5-пунктун эске алуу менен колдонуунун өзгөчөлүктөрү Комиссия тарабынан аныкталышы мүмкүн.

2. Бириктин бажы аймагына ташып келинген, аларга карата бажы операциялары Кодекстин $43^{1}$-главасында жана ушул главада белгиленген электрондук соода товарларын Бириктин бажы чек арасы аркылуу өткөрүү тартибинин жана шарттарынын өзгөчөлүктөрүн колдонуу менен жүргүзүлгөн товарлар алар чыгарылгандан кийин коммерциялык иште колдонулбашы керек.

Аталган товарларды коммерциялык иште пайдалануу фактылары аныкталган учурда Интернет тармагынын ресурстарын пайдалануу менен электрондук соода аянтчаларында бүтүмдүн тарабы болуп саналган жана мындай товарларды коммерциялык иште пайдаланган жеке жактар Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

$112^{2}$-берене. Электрондук соода товарларына карата жүргүзүлүүчү бажы операциялары

Бажы декларациясын берүү менен байланышкан бажы операциялары, декларант тарабынан, анын ичинде бажы органдары тарабынан бажы контролун жүргүзүүдө жасалуучу, Кодексте каралган башка бажы операциялары Кодекстин $309^{2}$-беренесине ылайык жүргүзүлөт.

$112^{3}$-берене. Электрондук соода товарларын убактылуу сактоонун өзгөчөлүктөрү

1. Электрондук соода товарларын убактылуу сактоо Кодекстин 16-главасына ылайык Кодекстин $309^{3}$-беренесинде жана ушул беренеде каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

2. Кодекстин 101-беренесинде каралган электрондук соода товарларын убактылуу сактоо мөөнөтү бүткөнгө чейин жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына карата бажылык декларациялоо жана башка бажы операциялары Кодекстин $309^{4}$-беренесинин 1-пунктунун биринчи абзацында көрсөтүлгөн жак тарабынан жүргүзүлбөсө, мындай электрондук соода товарлары бажы органынын уруксаты менен бажылык декларациялоосуз жана бажы жол-жоболоруна жайгаштырылбастан Бириктин бажы аймагынан электрондук соода оператору тарабынан ташылып чыгышы же болбосо мамлекеттин пайдасына баш тартуунун бажы жол-жобосуна же жок кылуунун бажы жол-жобосуна жайгаштырылышы мүмкүн.

Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларын Бириктин бажы аймагынан ташып чыгарууга бажы органынын уруксатын алуу жана тариздөө менен байланышкан бажы операцияларын жүргүзүү тартиби Комиссия тарабынан аныкталат.

Ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн, Бириктин бажы аймагынан ташылып чыгуучу электрондук соода товарларын ташуу (транспорттоо) бажы транзитинин бажы жол-жобосуна ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу учурларда жана тартипте ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн Бириктин бажы аймагынан ташылып чыгуучу электрондук соода товарларын ташуу (транспорттоо) бажы транзитинин бажы жол-жобосуна жайгаштырылбастан жүзөгө ашырылат.

Ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн электрондук соода товарларына карата бажы транзитинин бажы жол-жобосун колдонуунун өзгөчөлүктөрү Комиссия тарабынан аныкталышы мүмкүн.

$112^{4}$-берене. Электрондук соода товарларын бажылык декларациялоо

1. Бириктин бажы аймагына ташылып келүүчү, жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын декларанттары катары 16 жаш курагына толгон, мындай товарларды алуучулар болуп саналган жеке жактар чыга алат.

Кодекстин $309^{5}$-беренесинин 5-пунктунда көрсөтүлгөн учурларда жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын декларанты болуп электрондук соода оператору чыгат.

2. Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 4-пунктунун 1–3-пунктчаларына жана 5-пунктуна ылайык бажы кампасынын бажы жол-жобосунун колдонулушунун аяктоосу үчүн бажы кампасынын бажы жол-жобосуна жана башка бажы жол-жоболоруна жайгаштырылуучу, жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларынын декларанты болуп электрондук соода оператору чыгат.

(Уландысы 17-бетте)

# БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 16-бетте)

3. Электрондук соода товарларын бажылык декларациялоо Кодекстин $309^{4}$-беренесине ылайык жүзөгө ашырылат.

$112^{5}$-берене. Бирликтин бажы аймагына ташылып келүүчү, жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларын чыгаруу

1. Бирликтин бажы аймагына ташылып келүүчү, жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларын чыгаруу бажы органы тарабынан төмөнкүдөй шарттарда жүргүзүлөт:

1) Кодекстин $43^{1}$-главасына ылайык электрондук соода товарларына карата бажы алымы төлөнсө;

2) Кодекстин 7-беренесине ылайык тыюу салуулар жана чектөөлөр сакталса;

3) салык мыйзамдарында белгиленген салыктар төлөнсө;

4) бажы органдары товарларды чыгаруу менен байланышкан аракеттерди жасагандыгы үчүн бажы жыйымдары төлөнсө.

2. Ушул березенин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн электрондук соода товарларын чыгаруу Кодекстин 119-беренесинде белгиленген мөөнөттөрдө аяктоого тийиш.

3. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн электрондук соода товарлары алар чыгарылган учурдан тартып Бирликтин товарларынын статусуна ээ болот.

$112^{6}$-берене. Жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларына карата бажы кампасынын бажы жол-жобосун колдонуунун өзгөчөлүктөрү

1. Бажы кампасынын бажы жол-жобосу Кодекстин 23-главасында белгиленген тартипте жана шарттарда, Кодекстин $309^{6}$-беренесинде жана ушул беренеде каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларына карата колдонулат.

2. Бажы кампасынын бажы жол-жобосуна жайгаштырылган, жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларын курулмалардан (орун-жайлардан, аянтчалардан) мындай товарларды алуучу болуп саналган жеке жакка жеткирүү үчүн Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 4-пунктунун 1-пунктчасына ылайык бажы кампасынын бажы жол-жобосунун колдонулушу аяктаганга чейин ташып чыгарууга – Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте бажы органына кабарлангандан кийин жол берилет.

3. Электрондук соода товарларын электрондук соода аянтчаларында сатууда сатып алгандан кийин аларды кайтарып берүү мүмкүнчүлүгү каралган учурда, электрондук соода оператору мындай товарларды Комиссия тарабынан аныкталуучу тартипте аларды идентификациялоо шартында Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 13-пунктунда белгиленген электрондук соода товарларына декларация берүү мөөнөтү аяктаган күнгө чейин кайтарып берүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат.

Комиссия тарабынан каралган учурларда, ошондой эле Комиссия тарабынан жөнгө салынбаган бөлүгүндө ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн товарларды идентификациялоо тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.

Кайтарылган электрондук соода товарлары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте товарлардын кайтарылгандыгын ырастаган документтердин формасы таризделген күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде курулмаларга (орун-жайларга, аянтчаларга) жайгаштырылууга тийиш.

Электрондук соода оператору бажы органына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте электрондук соода товарлары кайтарылгандыгын ырастаган документтер таризделген күндөн тартып беш жумуш күндүн ичинде, бирок Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 13-пунктунда белгиленген электрондук соода товарларына декларацияны берүү мөөнөтү аяктаган күндөн кечиктирбестен электрондук соода товарлары кайтарылгандыгы жөнүндө кабарлоого милдеттүү.

$112^{7}$-берене. Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 4-пунктунун 1-пунктчасына ылайык бажы кампасынын бажы жол-жобосунун колдонулушунун аяктоосу үчүн ички керектөө үчүн чыгаруу бажы жол-жобосуна жайгаштырылуучу (жайгаштырылган), жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларына карата ташып келүү бажы алымдарын, салыктарды, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдарды төлөө боюнча милдеттердин пайда болушу жана токтотулушу, аларды төлөө жана эсептөө мөөнөтү

Кодекстин $309^{6}$-беренесинин 4-пунктунун 1-пунктчасына ылайык бажы кампасынын бажы жол-жобосунун колдонулушунун аяктоосу үчүн ички керектөө үчүн чыгаруу бажы жол-жобосуна жайгаштырылуучу (жайгаштырылган), жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларына карата ташып келүү бажы алымдарын, салыктарды, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдарды төлөө боюнча милдеттердин пайда болушунун жана токтотулушунун өзгөчөлүктөрү, аларды төлөө мөөнөтү жана эсептөө Кодекстин $309^{7}$-беренесинде аныкталат.

$112^{8}$-берене. Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына карата бажы төлөмдөрүн колдонуу жана бажы төлөмдөрүн төлөө боюнча милдеттерди аткаруу

1. Электрондук соода товарларына карата бажы алымы салынуучу объект болуп жеке жактар сатып алган электрондук соода товарлары саналат.

2. Электрондук соода товарларына карата бажы алымын эсептөө максаттары үчүн Бирликтин бажы аймагына ташылып келүүчү, жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын категорияларына жана колдонулуучу ставкалардын түрлөрүнө жараша аны эсептөө үчүн база болуп мындай товарлардын наркы жана (же) алардын натуралай түрдөгү физикалык мүнөздөмөсү (товардан аны керектөөгө чейин ажырагыс болгон жана (же) товар чекене сатуу үчүн берилген товардын баштапкы таңгагын эске алуу менен товардын саны, салмагы, товардын көлөмү же башка мүнөздөмөлөрү) эсептелет.

Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын наркы Кодекстин $309^{10}$-беренесине ылайык аныкталат.

3. Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына карата бажы төлөмдөрүн колдонуунун жана бажы төлөмдөрүн төлөө боюнча милдеттерди аткаруунун өзгөчөлүктөрү Кодекстин $309^{8}$-беренесинде белгиленет.

4. Комиссия тарабынан нарктык, салмактык жана (же) сандык ченемдер аныкталышы мүмкүн, алардын чегинде жеке жактар сатып алган электрондук соода товарлары Бирликтин бажы аймагына электрондук соода товарларына карата бажы алымдарын төлөбөстөн, ал эми Комиссия аныктаган учурларда – Комиссия тарабынан аныкталган ченемге караганда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү кыйла катуу ченемдердин чегинде ташып келинет.

5. Эгерде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан башкача белгиленбесе, Бирликтин бажы аймагынан мындай товарларды алуучу болуп саналган чет өлкөлүк жеке жактардын дарегине ташып чыгарылуучу электрондук соода товарлары Бирликтин бажы аймагынан бажы алымдарын төлөбөстөн ташып чыгарылат.

6. Электрондук соода товарларына карата бажы алымдарын төлөө боюнча милдет төлөөчү тарабынан жана ушул Мыйзамдын 54-беренесинде көрсөтүлгөн жактар тарабынан аткарылат.

7. Бажы органы Кодекстин $309^{8}$-беренесинин 20-пунктунда көрсөтүлгөн билдирүүнү Кодекстин $309^{8}$-беренесинин 21-пунктунда белгиленген учурларда жибербейт.

$112^{9}$-берене. Электрондук соода товарларына карата бажы алымдарын төлөө боюнча милдеттердин келип чыгышы жана токтотулушу, аны төлөө мөөнөтү

Электрондук соода товарларына карата бажы алымдарын төлөө боюнча милдеттердин келип чыгышы жана токтотулушу, аны төлөө мөөнөтү Кодекстин $309^{9}$-беренесинде аныкталат.

$112^{10}$-берене. Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын наркы

1. Жеке жактар сатып алган ташып келинүүчү электрондук соода товарларынын бажы наркын аныктоо Кодекстин $309^{10}$-беренесине ылайык жүргүзүлөт.

2. Бажы аймагынан ташып чыгарылуучу, жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын наркы чектерде, эсептерде, банктык төлөм документтеринде жана мындай товарларды сатып алуу менен байланышкан башка документтерде көрсөтүлгөн маалыматтардын негизинде, ал эми электрондук соода оператору бажы операцияларын жүргүзгөн учурда – электрондук соода оператору тарабынан электрондук соода аянтчасынан алынган, мындай товарларды сатып алуу менен байланышкан маалыматтардын (мындай маалымат бар болсо) негизинде да аныкталат.

3. Бажы органы бажы контролунун жыйынтыктары боюнча Кодекстин $309^{10}$-беренесинин 4-пунктунда белгиленген учурларда ушул сыяктуу товарларга баа жөнүндө анын карамагында болгон маалыматтын негизинде жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын наркын аныктайт.

4. Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын наркы жөнүндө маалымат катары бажы органы ушул сыяктуу товарларды чекене сатууну жүзөгө ашыруучу чет өлкөлүк уюмдардын каталогдорунда жана сайттарында көрсөтүлгөн маалыматтарды да пайдалана алат.

5. Бажылык декларациялоону жүзөгө ашыруучу жак электрондук соода товарларына декларацияда билдирилген, жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларынын наркы жөнүндө маалыматтардын аныктыгын далилдөөгө укуктуу.»;

19) 125-березенин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Бажы контролунун зоналары болуп товарлар бажы чек арасы аркылуу өткөрүлүүчү жерлер, убактылуу сактоо кампаларынын, бажы кампаларынын, эркин кампалардын аймактары, алымсыз соода дүкөндөрүнүн, Кодекстин $429^{2}$-беренесинин 1-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн электрондук соода операторунун курулмаларынын, орун-жайларынын (орун-жайлардын бөлүктөрүнүн) жана (же) ачык аянтчаларынын (ачык аянтчалардын бөлүктөрүнүн) аймактары жана бажы органы аныктаган башка жерлер эсептелет.»;

20) 139-берененин 3-бөлүгүндө:

а) биринчи абзацта «электрондук пломбаларды» деген сөздөр «навигациялык (электрондук) пломбаларды» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык колдонулуучу навигациялык пломбаларды кошпогондо, навигациялык (электрондук) пломбалар түрүндөгү идентификациялоо каражаттарын бажы органдары тарабынан колдонуу тартиби, ошондой эле мындай навигациялык (электрондук) пломбаларды коюу үчүн төлөмдүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.»;

21) 145-берененин 2-бөлүгүнүн 6-пунктунда «4 жана 5-бөлүктөрүндө» деген сөздөр «3–5-бөлүктөрүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

22) 193-берененин 4-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 4-пункт менен толукталсын:

«4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгилеген башка учурларда.»;

23) 196-беренеде:

а) 1-бөлүгүндө «жана алымсыз соода дүкөндөрүнүн ээси» деген сөздөр «, алымсыз соода дүкөндөрүнүн ээси жана электрондук соода операторлору» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүк «алымсыз соода дүкөндөрүнүн ээлеринин реестрине» деген сөздөрдөн кийин «, электрондук соода операторлорунун реестрине» деген сөздөр менен толукталсын;

24) 197-берененин 1-бөлүгүндө «227 жана 232-беренелеринде» деген сөздөр «227, 232 жана $234^{2}$-беренелеринде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

25) 198-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

«7) электрондук соода оператору катары ишти жүзөгө ашырууда:

а) электрондук соода товарларын убактылуу сактоо жана (же) бажы кампасынын бажы жол-жобосуна жайгаштырылган электрондук соода товарларын сактоо үчүн арналган жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген талаптарга жооп берген, анын ичинде эл аралык почта алмашуу жерлеринде (мекемелеринде) жайгашкан курулмалардын, орун-жайлардын (орун-жайлардын бөлүктөрүнүн) жана (же) ачык аянтчалардын (ачык аянтчалардын бөлүктөрүнүн) менчикте, чарбалык карамакта, ыкчам башкарууда же ижарада тургандыгы жөнүндө маалыматты (мындан ары – курулмалар (орун-жайлар, аянтчалар). Эгерде курулмалар (орун-жайлар, аянтчалар) бажы органы электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну каттаган күнгө карата ижарада турса, мындай курулмаларга (орун-жайларга, аянтчаларга) карата ижара келишими 1 (бир) жылдан кем эмес мөөнөткө түзүлүүгө тийиш;

б) бажы иши чөйрөсүндө ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жактын милдеттеринин аткарылышын камсыздоо ыкмасы жана өлчөмү жөнүндө маалыматты;

в) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата юридикалык жакка карата банкроттук жол-жобосун козгоо фактыларынын жоктугу тууралуу маалыматты;

г) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арызды каттаган күнгө чейин бир жылдын ичинде юридикалык жакты бажы иши чөйрөсүндөгү укук бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартуу фактыларынын жоктугу тууралуу маалыматты;

д) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүүгө талапкер болгон юридикалык жактын акцияларынын 10 жана андан ашык пайызына ээ болгон, ушул юридикалык жактын акционерлери болуп саналган жеке жактарды, анын уюштуруучуларын (катышуучуларын), жетекчилерин, башкы бухгалтерлерин бажы иши чөйрөсүндөгү кылмыштар үчүн жазыктык жоопкерчиликке тартуу фактыларынын жоктугу тууралуу маалыматты;

е) электрондук соода товарлары, мындай товарлар менен жүргүзүлгөн операциялар жана мындай товарларды сатып алган жеке жактар жөнүндө электрондук документтерди жана маалыматтарды жөнөтүү максатында бажы органдарынын маалыматтык системасы менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуучу маалыматтык системанын бар экендиги жөнүндө маалыматты;

ж) электрондук соода операторунун өкүл болгон жактардын мүлкүнө зыян келтирүүнүн натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон жарандык жоопкерчилик тобокелдигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган камсыздандыруу суммасына камсыздандыруу келишими бар экендиги жөнүндө маалыматты;

з) штатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү квалификациялык талаптарга алардын ылайык келишин ырастоочу документи бар кеминде эки кызматкердин бар экендиги жөнүндө маалыматты;

и) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгилениши мүмкүн болгон башка талаптарга ылайык келиши жана башка шарттардын сакталышы жөнүндө маалыматты.»;

26) 199-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

«7) электрондук соода оператору катары ишти жүзөгө ашырууда:

а) курулмалардын (орун-жайлардын, аянтчалардын) менчикте, чарбалык карамакта, ыкчам башкарууда же ижарада тургандыгын ырастоочу документтер;

б) бажы иши чөйрөсүндө ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жактын милдеттеринин аткарылышын камсыз кылуунун киргизилишин ырастоочу документтер;

в) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата юридикалык жакка карата банкроттук жол-жобосун козгоо фактыларынын жоктугун ырастоочу документтер;

г) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арызды каттаган күнгө чейин бир жылдын ичинде юридикалык жакты бажы иши чөйрөсүндөгү укук бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартуу фактыларынын жоктугун ырастоочу документтер;

(Уландысы 18-бетте)

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# БАЖЫЛЫК ЖӨНГӨ САЛУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 17-бетте )

д) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүүгө талапкер болгон юридикалык жактын акцияларынын 10 жана андан ашык пайызына ээ болгон, ушул юридикалык жактын акционерлери болуп саналган жеке жактарды, анын уюштуруучуларын (катышуучуларын), жетекчилерин, башкы бухгалтерлерин бажы иши чөйрөсүндөгү кылмыштар үчүн жазыктык жоопкерчиликке тартуу фактыларынын жоктугун ырастоочу документтер;

е) электрондук соода товарлары, мындай товарлар менен жүргүзүлгөн операциялар жана мындай товарларды сатып алган жеке жактар жөнүндө электрондук документтерди жана маалыматтарды жөнөтүү максатында бажы органдарынын маалыматтык системасы менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуучу маалыматтык системанын бар экенин ырастоочу документтер;

ж) электрондук соода операторунун өкүл болгон жактардын мүлкүнө зыян келтирүүнүн же ушул жактар менен келишимди бузуунун натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон жарандык жоопкерчилик тобокелдигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган камсыздандыруу суммасына камсыздандыруу келишими;

з) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү квалификациялык талаптарга алардын ылайык келишин ырастоочу документи бар кызматкерлер менен  эмгектик укук мамилелерин  жөнгө салуучу документ;

и) бажы иши чөйрөсүндө ишти жүзөгө ашырууга талапкер болгон юридикалык жактын кызматкерлеринин Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү квалификациялык талаптарга ылайык келишин ырастоочу документтер;

к) бажы органдарынын талабы боюнча отчетторду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген форма боюнча берүү жөнүндө милдеттенме;

л) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген башка талаптарга ылайык келишин жана башка шарттардын сакталышын ырастоочу документтер.»;

27) 200-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бажы иши чөйрөсүндөгү ишти жүзөгө ашыруучу жактарды реестрге киргизүү жөнүндө чечимди документтерди кароонун мөөнөтүн кошуп алганда, аны кабыл алуу үчүн зарыл болгон бардык документтер катталган күндөн тартып отуз жумуш күндөн кечиктирбестен кабыл алат.

Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган бажы иши чөйрөсүндө ишти жүзөгө ашыруучу жактарды реестрге киргизүүдөн төмөнкүдөй учурларда баш тартат:

1) эгерде ушул главада каралган бардык документтер жана маалыматтар берилбесе;

2) арыз ээси ушул Мыйзамдын 207, 212, 217, 222, 227, 232 жана $234^{2}$-беренелеринде каралган шарттарды сактабаса.»;

28) 201-берененин 4-бөлүгүндө «228 жана 233-беренелеринде» деген сөздөр «228, 233 жана $234^{3}$-беренелеринде» деген сөздөргө алмаштырылсын;

29) төмөнкүдөй мазмундагы $42^{1}$-глава менен толукталсын:

«$42^{1}$-глава. Электрондук соода оператору

$234^{1}$-берене. Электрондук соода операторунун иши

1. Электрондук соода оператору Кыргыз Республикасынын аймагында электрондук соода товарларына карата бажы операцияларын бажылык жөнгө салуу чөйрөсүндөгү эл аралык келишимдерге жана актыларга ылайык жүргүзөт.

Жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына карата бажы операциялары мындай товарлардын декларанттарынын атынан электрондук соода оператору тарабынан жүргүзүлөт.

2. Электрондук соода операторлорунун бажы операцияларын түздөн-түз жүргүзүүчү кызматкерлерине карата квалификациялык талаптар жана мындай жактарга алардын мындай квалификациялык талаптарга ылайык келишин ырастоочу документти берүү шарттары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

$234^{2}$-берене. Электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү шарттары

1. Электрондук соода оператору катары ишти жүзөгө ашырууга талапкер болгон юридикалык жакты электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүүнүн шарттары болуп төмөнкүлөр саналат:

1) курулмалардын (орун-жайлардын, аянтчалардын) менчикте, чарбалык карамакта, ыкчам башкарууда же ижарада болушу. Эгерде курулмалар (орун-жайлар, аянтчалар) бажы органы электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну каттаган күнгө карата ижарада болсо, мындай курулмаларга (орун-жайларга, аянтчаларга) карата ижара келишими бир жылдан кем эмес мөөнөткө түзүлүүгө тийиш;

2) бажы иши чөйрөсүндө ишти жүзөгө ашыруучу юридикалык жактын милдеттеринин Комиссия тарабынан аныкталган өлчөмдө аткарылышын камсыз кылуу;

3) электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүү жөнүндө бажы органына кайрылууну бажы органы каттаган күнгө карата төмөнкүлөрдүн жоктугу:

– бажы төлөмдөрүн, атайын, демпингге каршы, компенсациялык алымдарды, пайыздарды, туумдарды төлөө боюнча белгиленген мөөнөттө аткарылбаган милдеттер;

– юридикалык жакка карата банкроттук жол-жобосу козголгон фактылар;

– бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган арызды каттаган күнгө чейин бир жылдын ичинде бажы иши чөйрөсүндөгү укук бузуулар үчүн жоопкерчиликке тартуу фактылары;

– электрондук соода операторлорунун реестрине киргизүүгө талапкер болгон юридикалык жактын акцияларынын 10 жана андан ашык пайызына ээ болгон ошол юридикалык жактын акционерлери болуп саналган жеке жактарды, анын уюштуруучуларын (катышуучуларын), жетекчилерин, башкы бухгалтерлерин бажы иши чөйрөсүндөгү кылмыштар үчүн кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу фактылары;

4) электрондук соода товарлары, мындай товарлар менен жасалган операциялар жана мындай товарларды сатып алган жеке жактар жөнүндө электрондук документтерди жана маалыматтарды жөнөтүү максатында бажы органдарынын маалыматтык системасы менен өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуучу маалыматтык системанын болушу;

5) электрондук соода операторунун өкүл болгон жактардын мүлкүнө зыян келтирүүнүн натыйжасында келип чыгышы мүмкүн болгон жарандык жоопкерчилик тобокелдигин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталуучу камсыздандыруу суммасына камсыздандыруу келишиминин болушу;

6) штатында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү квалификациялык талаптарга алардын ылайык келишин ырастоочу документи бар кеминде эки кызматкердин болушу;

7) бажы органдарынын талабы боюнча отчетторду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген формада берүү жөнүндө милдеттенме;

8) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленүүчү башка шарттар.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бажы иши чөйрөсүндөгү ишти жүзөгө ашырган юридикалык жактын милдеттеринин аткарылышын камсыз кылуунун Комиссия белгилеген өлчөмдөн ашкан өлчөмүн, анын ичинде электрондук соода операторунун өз ишинин чөйрөсүн жеке жактар сатып алган электрондук соода товарларына же жеке жактарга сатуу үчүн арналган электрондук соода товарларына карата бажы операцияларын жүргүзүү аркылуу чектөөсүн эске алуу менен белгилениши мүмкүн.

$234^{3}$-берене. Электрондук соода операторлорунун реестринен чыгаруу үчүн негиздер

Электрондук соода операторлорунун реестринен электрондук соода операторун чыгаруу үчүн негиздер болуп төмөнкүлөр саналат:

1) Кодекстин $429^{3}$-беренесинин 1-пунктунун 1–4-пунктчаларында аныкталган негиздер;

Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Манас айыл аймагында кыш заводун куруу максатында, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 18-беренесине, "Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 1-беренесинин экинчи бөлүгүнүн 6-пунктуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасынын Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2025-жылдын 25-августундагы №01-39/3148 корутундусун, Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясынын 2025-жылдын 6-августундагы №23-125 токтомун көңүлгө алып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун Манас айыл аймагынын Кайрагач айылында жайгашкан, мамлекеттик менчикте турган, жалпы аянты 8,52 га жер тилкеси, анын ичинен: №1 (5,48 га), №11 (0,21 га) контурлардагы сугат айдоо жана №3 (2,83 га) контурдагы кайрак айдоо жерлери кыш заводун куруу үчүн "Айыл чарба багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайдын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер" категориясына которулсун (трансформациялансын).

**2.** Кыргыз Республикасынын Ош облусунун Кара-Суу районунун мамлекеттик администрациясы төмөнкүлөрдү камсыз кылсын:

1) жерди эсепке алуу документтерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү;

2) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесине шаар куруу документтерин Кыргыз Республикасынын шаар куруу жана архитектура чөйрөсүндөгү мыйзамдарына, ошондой эле "Автомобиль жолдору жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык иштеп чыгууну жана бекитүүнү;

3) жерди пайдалануучунун 3 жылдын ичинде өздүк, займдык каражаттардын жана инвестициялардын эсебинен жерлердин башка түрлөрүн Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондуна киргизүү менен сугат айдоого өздөштүрүүсүн;

4) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесин максаттуу багыты боюнча пайдаланууну;

5) Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөнү коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык чарбалык жана башка иштерди жүзөгө ашырууда экологиялык талаптардын аткарылуусун;

6) жамгырдын жана эриген кардын сууларын коопсуз буруу системасынын иштөөсүн, башкы пландагы жер титирөөгө каршы иш-чараларды жана тиешелүү аймакта коопту процесстерге жана кубулуштарга мониторинг жүргүзүү, болжолдоо боюнча колдонмону сактоону;

7) ушул токтомдун 1-пунктунда көрсөтүлгөн жер тилкесинде тарыхый-маданий мурас объекттери аныкталган учурда аларды Кыргыз Республикасынын тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө мыйзамдарына ылайык сакталышын;

8) Кыргыз Республикасынын жер мыйзамдарында белгиленген ченемдерге ылайык айыл чарба жана токой чарба өндүрүшүнүн жоготууларынын жана алынбай калган пайданын ордун толтуруу наркынын суммасын төлөөнү.

**3.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

**4**. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-ноябры, №734***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН УКУКТАРДЫ КАТТОО ЖАНА КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАРДЫ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИН КҮЧҮН ЖОГОТТУ ДЕП ТААНУУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын системалаштыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө" токтомуна, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-ноябрындагы №301 "Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигине караштуу Жер ресурстары кызматынын жергиликтүү каттоо органдары тарабынан жана Кыймылсыз мүлк боюнча бирдиктүү маалыматтык системасынан кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүүнүн тартиби тууралуу жобону бекитүү тууралуу" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтому;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-октябрындагы №743 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 3-майындагы №230 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-ноябрындагы №301 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын алдындагы Кадастр жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо департаментинин жергиликтүү каттоо органдары тарабынан жана Кыймылсыз мүлк боюнча бирдиктүү маалыматтык системасынан кыймылсыз мүлк жөнүндө маалыматтарды берүү тартиби тууралуу жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 7-майындагы №254 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу" токтому;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 11-ноябрындагы №608 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 токтомуна өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 28-ноябрындагы №643 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп табуу тууралуу" токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 9-январындагы №5 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу" токтому;

9) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-октябрындагы №554 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

10) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 2-июнундагы №340 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү жөнүндө" токтому;

11) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 19-июнундагы №387 "Ипотекалык күрөөлүктү депозиттик эсепке алуу эрежелери жана ипотекалык күрөөлүктү каттоо тартиби жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

12) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-августундагы №407 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

13) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 16-сентябрындагы №477 "Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 1-пункту;

14) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-декабрындагы №721 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

15) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 10-сентябрындагы №478 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн курулуш чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

16) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-декабрындагы №294 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жер участогуна укуктарды күбөлөндүрүүчү документтерди тариздөө жана кыймылсыз мүлк бирдиктерине техникалык изилдөө жүргүзүү чөйрөсүндө мамлекеттик кызмат көрсөтүү маселелери боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 4-пункту;

17) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-мартындагы №114 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын Айыл чарба министрлигинин иш чөйрөсүндөгү айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

18) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №113 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому;

19) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 22-мартындагы №146 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

20) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 13-сентябрындагы №466 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

21) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 23-июлундагы №405 "Мамлекеттик мүлктү муниципалдык менчикке өткөрүп берүүнүн тартибин бекитүү жөнүндө" токтомунун 2-пункту;

22) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 9-августундагы №465 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

23) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-мартындагы №133 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 15-февралындагы №49 "Кыймылсыз мүлккө укуктарды, укуктарга чектөөлөрдү жана аны менен болгон бүтүмдөрдү мамлекеттик каттоо эрежелерин бекитүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому.

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин Төрагасы А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 10-ноябры, №733***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН СУУ РЕСУРСТАРЫ, АЙЫЛ ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ӨНӨР ЖАЙЫ МИНИСТРЛИГИНИН ИШИ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН АЙРЫМ ЧЕЧИМДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнундагы №137 "2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө" Жарлыгы менен бекитилген 2025–2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планынын (2025–2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) 5-главасынын 1-пунктунун 2-пунктчасын ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-мартындагы №98 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги жөнүндө жободо:

– 14-пункт төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"– коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чараларды көрөт.";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматы жөнүндө жободо:

– 18-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Кызматка жүктөлгөн милдеттердин, функциялардын жана ыйгарым укуктардын жүзөгө ашырылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

3) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматы жөнүндө жободо:

– 13-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Кызматтын ишине жалпы жетекчилик кылат жана Кызматка жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

4) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Жерди жана сууну көзөмөлдөө боюнча кызмат жөнүндө жободо:

– 14-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Кызматтын ишине жалпы жетекчилик кылат жана Кызматка жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

5) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Айыл чарба өсүмдүктөрүн жана багбанчылыкты экспертизалоо боюнча департамент жөнүндө жободо:

– 13-пункттун жетинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Департаментке жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат.";

6) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Кайра иштетүү өнөр жайы жана органикалык айыл чарба департаменти жөнүндө жободо:

– 19-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Департаменттин ишине жалпы жетекчилик кылат жана жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

7) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Айыл чарбада кооперациялоо, механизациялоо жана инновациялык технологиялар департаменти жөнүндө жободо:

– 14-пункттун бешинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Департаментке жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

8) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Балык өнөр жай комплекси департаменти жөнүндө жободо:

– 14-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Департаментке жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы жана өзүнүн функцияларынын жүзөгө ашырылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат, орун басары менен түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт, Департаменттин ишинин айрым багыттарына жетекчилик кылуу үчүн алардын жоопкерчилик даражасын белгилейт;";

9) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Өсүмдүктөрдү химиялаштыруу, коргоо жана карантин департаменти жөнүндө жободо:

– 18-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Департаменттин ишине жалпы жетекчилик кылат жана жүктөлгөн милдеттердин аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

10) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу К.К. Азыков атындагы Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдөө институту жөнүндө жободо:

– 22-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Институтту жеке башчылык принциптеринде башкарат жана Институттун максаттарын, милдеттерин жана функцияларын ишке ашыруунун сапаты, коррупциянын алдын алуунун ички системасын

түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

11) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Кыргыз мал чарба жана жайыттар илимий-изилдөө институту жөнүндө жободо:

– 20-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Институтту жеке башчылык принциптеринде башкарат жана Институттун максаттарын, милдеттерин жана функцияларын ишке ашыруунун сапаты, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

12) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Суу ресурстары кызматынын алдындагы Кыргыз ирригация илимий-изилдөө институту жөнүндө жободо:

– 19-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Институтту жеке башчылык принциптеринде башкарат жана Институттун максаттарын, милдеттерин жана функцияларын ишке ашыруунун сапаты, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

13) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу "АгроСмарт" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 24-пункт төмөнкүдөй мазмундагы 16-пунктча менен толукталсын:

"16) коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жоопкерчилик тартат.";

14) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматынын алдындагы "Ветеринардык дары каражаттары жана тоют кошулмалары борбору" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 17-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Борбордун ишине жалпы жетекчилик кылат жана Борборго жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы,

коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

15) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматынын алдындагы "Ветеринардык диагностика жана экспертиза борбору" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 13-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Борбордун ишине түздөн-түз жетекчилик кылат жана ага жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

16) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ветеринария, мал чарбасын өнүктүрүү, жайыт жана тоют кызматынын алдындагы Арстанбек Дүйшеев атындагы Кыргыз ветеринария илимий-изилдөө институту жөнүндө жободо:

– 31-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Институтту жеке башчылык принциптеринде башкарат жана Институттун максаттарын, милдеттерин жана функцияларын ишке ашыруунун сапаты, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

17) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу "Асыл тукум жылкы чарбасынын мамлекеттик холдинги" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 20-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"20. Директор мамлекеттик мекемеге жүктөлгөн милдеттердин жана функциялардын аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат.".

**2.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 28-августундагы №531 "Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти жөнүндө жана Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин айрым маселелери тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаменти жөнүндө жободо:

– 12-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Департаменттин ишине жалпы жетекчилик кылат, бардык мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен түздөн-түз өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат, милдеттердин жана функциялардын аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;";

2) жогоруда көрсөтүлгөн токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигине караштуу Ичүүчү суу менен камсыздоону жана саркынды сууларды чыгарууну өнүктүрүү департаментинин алдындагы "Ичүүчү суу менен камсыздоо жана саркынды сууларды чыгаруу объекттерин капиталдык куруу башкармалыгы" мамлекеттик мекемеси жөнүндө жободо:

– 16-пункттун экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– мамлекеттик мекеменин ишине жалпы жетекчилик кылат, милдеттердин жана функциялардын аткарылышы, коррупциянын алдын алуунун ички системасын түзүү боюнча чаралардын көрүлбөгөндүгү үчүн жеке жоопкерчилик тартат;".

**3.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 11-ноябры, №735***

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН 2022-ЖЫЛДЫН 30-АПРЕЛИНДЕГИ №240 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРЫНЫН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН КЫЗМАТТЫК ЖАНА НӨӨМӨТТҮК АВТОТРАНСПОРТУН ПАЙДАЛАНУУНУ ТАРТИПКЕ КЕЛТИРҮҮ БОЮНЧА ЧАРАЛАР ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН

### ТОКТОМУ

Иштин мобилдүүлүгүн жана оперативдүүлүгүн жогорулатуу, Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин толук кандуу жана натыйжалуу иштөөсүн камсыз кылуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтомдун 2-тиркемесинде:

– эскертүү төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

"Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары, айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлигинин борбордук аппаратында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорттун 7 бирдигине чейин уруксат берилет.".

**2.** Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.КАСЫМАЛИЕВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 12-ноябры, №737***

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

## НАРМАТОВА ОРОЗАЙЫМ КОЧКОНБАЕВНАНЫ №10 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 22-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына О.К. Нарматовадан №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 28-октябрында О.К. Нарматова 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер катары каттоо үчүн документтеринин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ О.К. Нарматованын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Нарматова Орозайым Кочконбаевнаны №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Нарматова Орозайым Кочконбаевна №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №10 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер О.К. Нарматовага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1041***

## ДЖУНУСАЛИЕВ РАМИС МАЙРАМБЕКОВИЧТИ №19 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 21-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Р.М. Джунусалиевден №19 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 29-октябрында Р.М. Джунусалиев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Р.М. Джунусалиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Джунусалиев Рамис Майрамбековичти №19 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Джунусалиев Рамис Майрамбекович №19 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №19 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Р.М. Джунусалиевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1042***

## ДЕРКИМБАЕВА АСЕЛЬ УРУСОВНАНЫ №27 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 15-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.У. Деркимбаевадан №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 29-октябрында А.У. Деркимбаева 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер катары каттоо үчүн документтеринин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.У. Деркимбаеванын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Деркимбаева Асель Урусовнаны №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Деркимбаева Асель Урусовна №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.У. Деркимбаевага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1043***

## АБДУЛЛАЕВ АЗИЗБЕК АШИМЖАНОВИЧТИ №5 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 15-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.А. Абдуллаевден №5 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 30-октябрында А.А. Абдуллаев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.А. Абдуллаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Абдуллаев Азизбек Ашимжановичти №5 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Абдуллаев Азизбек Ашимжанович №5 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №5 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.А. Абдуллаевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1044***

## ОСМОНАЛИЕВ ИЛИМБЕК ТОКТОГУЛОВИЧТИ №6 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 28-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына И.Т. Осмоналиевден №6 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 30-октябрында И.Т. Осмоналиев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ И.Т. Осмоналиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Осмоналиев Илимбек Токтогуловичти №6 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Осмоналиев Илимбек Токтогулович №6 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №6 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер И.Т. Осмоналиевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1045***

## КАРАЗАКОВ ЖУНУСБЕК АБДИРАШИТОВИЧТИ №1 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 9-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Ж.А. Каразаковдон №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 30-октябрында Ж.А. Каразаков 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Ж.А. Каразаковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Каразаков Жунусбек Абдирашитовичти №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Каразаков Жунусбек Абдирашитович №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №1 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Ж.А. Каразаковго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1046***

## КАЧКЫНОВ САМАТ ТУРГАНБЕКОВИЧТИ №27 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 9-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына С.Т. Качкыновдон №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 30-октябрында С.Т. Качкынов 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ С.Т. Качкыновдун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Качкынов Самат Турганбековичти №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Качкынов Самат Турганбекович №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №27 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер С.Т. Качкыновго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1047***

## МАМБЕТАЛИЕВ АЛТЫНБЕК ДЖУМАБАЕВИЧТИ №18 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 22-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.Дж. Мамбеталиевден №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 31-октябрында А.Дж. Мамбеталиев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.Дж. Мамбеталиевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Мамбеталиев Алтынбек Джумабаевичти №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Мамбеталиев Алтынбек Джумабаевич №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №18 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер А.Дж. Мамбеталиевге белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1048***

## УМАРБЕКОВ БОРОНБАЙ БАИТОВИЧТИ №9 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 25-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына Б.Б. Умарбековдон №9 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 31-октябрында Б.Б. Умарбеков 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ Б.Б. Умарбековдун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

Жогоруда аталган жумушчу топтун 2025-жылдын 6-ноябрындагы Умарбеков Боронбай Баитовичти №9 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып каттоо жөнүндө корутундусун, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 61-беренесин жетекчиликке алып, "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3, 4, 8-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы **чечим кылат:**

**1.** Умарбеков Боронбай Баитович №9 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болуп катталсын.

**2.** №9 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер Б.Б. Умарбековго белгиленген үлгүдөгү ырастама берилсин.

**3.** Бул чечим "Эркин-Тоо" мамлекеттик расмий гезитине жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**4.** Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоодо талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси А.С. Жупуевага жүктөлсүн.

**Төрага** **Т. ШАЙНАЗАРОВ**

***Бишкек ш., 2025-жылдын 6-ноябры, №1049***

## АКБАЕВ АВАЗБЕК АБДИРАХМАНОВИЧТИ №12 КӨП МАНДАТТУУ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕР КЫЛЫП КАТТОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ЧЕЧИМИ

2025-жылдын 25-октябрында Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына А.А. Акбаевден №12 көп мандаттуу шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер кылып өзүн-өзү көрсөтүү тартибинде шайлоого катышуу ниети жөнүндө арыз келип түшкөн.

2025-жылдын 1-ноябрында А.А. Акбаев 2025-жылдын 30-ноябрына дайындалган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоодо талапкер кылып каттоо үчүн документтердин толук топтомун берген.

Талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ А.А. Акбаевдин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу мыйзамдардын талаптарына ылайык келерин аныктаган жана аны талапкер кылып каттоону сунуштаган.

